ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ
И.РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ
Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК КУРУЛУШ, ТРАНСПОРТ ЖАНА АРХИТЕКТУРА УНИВЕРСИТЕТИ

**Кол жазма укугунда**

**УДК 699.841**

**Муканбет кызы Эркинай**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАРТЫНДА АЗ КАБАТТУУ ИМАРАТТЫН СЕЙСМИКАЛЫК КОРГОО ЫКМАСЫН ЖАКШЫРТУУ.

**05.23.17- Курулуш механикасы**

**Техникалык илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн диссертациясы**

**Илимий жетекчиси: т.и.д., профессор Кутуев М.Д.**

**Бишкек - 2013**

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

МАЗМУНУ беттери

КИРИШҮҮ ……..…….…….....…….. 4

Иштин жалпы мүнөздөмөсү..……..……....8

1. БӨЛҮМ. СЕЙСМИКАЛЫК ТУРУКТУУ КУРУЛУШТУН ЗАМАНБАП АБАЛЫ

1.1.Жер титирөөнүн прогноздоо теориясын талдоо.....…….....…..... 15

1.2.Сейсмотуруктуулук теориясын анализдөө …....…….....…....20

1.3.Бышыктыктын теориясын талдоо……..…….....24

КОРУТУНДУ…….…..……..…...25

2. БӨЛҮМ. ИЗИЛДӨӨНҮН НАЗАРИЯТТЫК ЖАНА ТАЖЫЙЫРБАЛЫК ЖОЛДОРУ

2.1.Сейсмикалык теориянын статикалык ыкмасы ...…….….....26

2.2.Сейсмиканын теориянын кинематикалык ыкмасы…..……...……..…...31

2.3.Пайдалануу ишенимдүүлүк теориясынын термодинамикалык ыкмасы..... 37

2.4.Чектеги элементтердин ыкмасы…….....…….....……40

2.5.Аз кабаттуу имараттардын сейсмикалык туруктуулугун эсептөөдө колдонмо программалардын пакетин (КПП) иштеп чыгуу ыкмасы.....……..... 44

2.6.Тажрыйбалык изилдөөлөрдө колдонуулучу негизги аспаптар..... 46

2.7. Изилдөөлөрдөн келип чыккан натыйжалардын аныктыгы...……..……..…50

3. БӨЛҮМ. АЗ КАБАТТУУ ӨЗӨКТҮН ТЕРМЕЛҮҮСҮН ТЕОРЕТИКАЛЫК ЖАНА ИЗИЛДӨӨ ЫКМАЛАРЫ

3.1.Өчпөөчү эркин термелүүнүн теңдемеси…….....……52

3.2.Эркин өчүүчү термелүүнүн тендемеси…….....……..…..…...54

3.3.Периодикалык күчтүн таасиринде аргасыз пайда болгон термелүүнүн теңдемеси…….....…….....….....56

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

КОРУТУНДУ…..…….....…….....……..…..

4. БӨЛҮМ. АЗ КАБАТТУУ ИМАРАТТАРДЫН СЕЙСМОТУРУКТУУЛУГУНУН СТОХАСТИКАЛЫК (БОЛЖОЛДОО) ЭСЕПТӨӨ ЫКМАЛАРЫ

4.1.Имараттардын сейсмотуруктуулугундагы жалпы өнүгүүнүн динамикалык теориясы…….....…….....58

4.2.Аз кабаттууимараттардын сейсмотуруктуулугун эсептөө ыкмасы...……....63

4.3.Аз кабаттуу имараттардын кинематикалык – стохастикалык (божомолдоо) эсептөө ыкмасы.....70

КОРУТУНДУ...……..... ……....……..... 70

5. БӨЛҮМ. ПРАКТИКАЛЫК КОЛДОНУУ ЖАНА ЭКСПЕРИМЕНТАЛДЫК ТЕКШЕРҮҮЛӨРДҮН, ИЗИЛДӨӨЛӨРДҮН БЕРГЕН ЖЫЙЫНТЫГЫ.

5.1.Аз кабаттуу имараттардын сейсмотуруктуулугун долбоорлоо принциптери……..77

5.2.Иштелип чыккан эсеп ыкмасынын эксперименталдык тактыгын аз кабаттуу имараттарды моделдеринде тастыктоо…….....…96

5.3. Жумшак дошполуу аз кабаттуу имараттын эксперименталдык долбоору……..……...…. 108

5.4.Изилдөө жыйынтыктарынын техникалык жана экономикалык натыйжалуулугу……..……..…112

КОРУТУНДУ……..……..……..……..113

ЖЫЙЫНТЫГЫ……..……...…… 114

КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ……115

ТИРКЕМЕЛЕР……..……..……..124

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

# КИРИШҮҮ

Баарыбызга белгилүү болгондой, жылына жер шарында миңдеген жер титирөөлөр болуп турат. Бирок алардын көпчүлүгү анчалык катуу болбогондуктан адам баласы ага маани бербейт. Орточо эсеп менен жылыны бир катастрофалык жер титирөө болуп, шаар-кыштактар талкаланып, адамдардын өмүрүнө кескин түрдө коркунуч алып келет.

Жер титирөө – бул табигый күчтөрдүн таасиринен жер бетинин термелиши. Жер титирөөнүн көпчүлүгү тектоникалык процесстердин натыйжасында, кээлери жанар тоолордун атылышынан жана жер көчкүнүн кесепетинен келип чыгат.

Кыргызстанда жана Орто Азияда жашаган ар бир жаран, өз башынан катуу жер титирөөнү өткөргөн, ал эми Нура айылындагы 2008-жылы жер титирөөдө, дээрлик бардык үйлөр кыйроого учурап, 75 адам каза тапкан. Ошондуктан көпчүлүк жарандар жер титирөө эмне экенин жакшы билишет. 2011-жылы 20-июльда Баткен облусундагы жер титирөөдөн көпчүлүк үйлөр урап, тилекке жараша, адам өмүрүнө залалын тилгизген жок. Акыркы беш жылдыкта Кыргызстанда, Кочкордо 2006-жылы, Ош облусунда 2007-жылы, Ноокат, Өзгөн жана Кара-Суу районундарында болуп өткөн жер титирөөлөрдөн салынган үйлөрдүн көпчүлүгү жабыр тарткан, анткени алардын көпчүлүгү ылайдан тургузулган үйлөр экендиги талашсыз. /3/.

Жеке эле Кыргызстанда эмес, өлкөнүн кайсы жеринде, кандай күчтөгү жер титирөө күтүлө тургандыгын, болжоп көрсөтүүчү сейсмикалык райондоштуруу картасы КР УИА Сейсмология институту түзгөн, ал ири курулуштарды, турак жайларды курууда чоң маниге ээ. Анткени ал картада, белгилүү бир аймакта жер титирөө кандай күч менен болоорун көрсөтүүчү маалыматтар белгиленген /1 тиркемеде/. Ушул маалыматтардын негизинде курулуш материалдарын тандап, ал жерге ылайыктуу конструкциядагы имараттарды куруу абзел. Сейсмикалык райондоштуруу картасын көрүп кайда, кандай күчтөгү жер титирөөлөр боло тургандыгын билүү мүмкүн. Бирок, качан болоорун алдына ала так жана даана айтуу мүмкүн эместиги эч кимге жашыруун эмес.

Адамзаты миңдеген жылдар бою, жерде болгон материалдарды жана топуракты колдонуп келгендиги баарыбызга белгилүү, алардан жеке эле турак жай салбастан, өтө татаал курулмаларды тургузушкан. Бул матераилдардан Гатчинадагы Приораттык сарай, Перудагы жана Египетеги пирамидалар, Тезифондук Арка жана Улуу Кытай дубалы курулган. Англияда 10 миңдеген

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

жайлуу (комфорттуу) саман үйлөр бар, алардын көпчүлүгү, беш жүз жылдан бери колдонулууда. Орто кылымдагы Йемендик 10 кабаттуу имарат, Таос Пуэблодогу көпчүлүк имараттар ылайдан салынган алардын дээрлик бөлүгү 900 жыл бою үзгүлтүксүз колдонулууда, ал эми 9000 жылдап турган эски топурактан салынган турак жайлар Иерихондо сакталып келген /3/.

Изоляцияланган төшөө катмарларынын түзүлүшү бар имараттардын сейсмикалык коргоо жолу чет элдик тажрыйбада эле эмес, Кыргызстанда да массалык түрдө кеңири колдонулуп келүүдө. Имараттардын сейсмикалык жактан коргоо боюнча атайын конструкцияларды түзүү тармагында же болбосо сейсмикалык коргонуунун «активдүү» деп аталган системалык багыттарына ылайык бөлүп көрсөтсө болот:

1. Асма таянычтуу конструкциялар;
2. Жылмакай таянычтуу конструкциялар;
3. Бир тараптуу аракетке келтирүүчү же токтоп туруучу байланыштагы конструкциялар;
4. Пайдубал менен имараттын таяныч бөлүкчөлөрүнүн ортосундагы термелүүнү жоготуучу конструкциялар;
5. Пайдубалдардагы жылмакай коргоо сыяктуу сейсмикалык жогорулатылган диссипативдик касиетке ээ болгон конструкциялар;
6. Түркүктүү пайдубалдардын атайын конструкциялары жогорку росверкдүү жана жогорлатылган диссипативдүү касиетке ээ конструкциялар;
7. Имараттарды экрандаштыруу;
8. Сырткы дубалдардын бириккен жериндеги арматураларды алдына ала керүү.

Бул багыт боюнча «Сейсмикалык туруктуу курулушту илимий изилдөө жана долборлоо институту» менен В.А.Кучеренко атындагы ЦНИИСКте сейсмотуруктуулуктун аныкмаларынын системасыны адаптациялоо жана алардын байланыштарын эске алуу менен бирге изилдөөлөрүн жүргүзүшкөн.

Атайын сейсмикалык коргоонусу бар курулуштар акыркы мезгилге чейин техникалык каражаттардын жана текзаттардын жоктугунан кеңири колдонууга ээ болбой жатат, себеби, алардын массалык жасалышынын жана имараттарды мантаждоодогу техникалык-экономикалык баалоосунун

бирдиктүү системасынын жоктугу, ушуга байланышттуу илимпоздор сейсмикалык туруктуу имараттарды долбоорлоодогу теориялык жана практикалык эмгектерине таянып, алардын бул тарапка кошкон салымдарын айтпай коюуга болбойт, мисалы; Абдурашидов К.С, Айзенберг Я.М., Болотин В.В., Бондаренко В.М.,Быховский В.А., Голденблат И.И., Джинчвелашвили Г.А., Егупов В.К., Жунусов Т.Ж., Завриев К.С., Ивович В.А., Карапетян Б.К., Карцивадзе Г.Н., Кожаринов СВ., Коренев Б.Г., Корчинский И.Л., Кульмач П.П., Курзанов А.М., Ляхтер В.М., Мартемьянов А.И., Назарова А.Г., НазаровЮ.П., Напетваридзе Ш.Г., Негматуллаев С.Х., Немчинов Ю.И., Николаенко Н.А., Поляков СВ., Пуховский А.Б., Рассказовский В.Т., Рашидов Т.Р., Ржевский В.А., Савинов О.А., Саргсян Л.Е., Синицын А.Г., Складнев Н.Н., Ульянов СВ., Урозбаев М.Г., Хачиян Э.Е., Цейтлин А.И., Цшохер В.О., Шапиро Г.А. жана башкалар.

Мындан тышкары активдүү сейсмикалык коргоо системасы массалык түрдө колдонулушу бир катар милдеттүү кошумча талаптарды коет; ошондуктан, көрсөтүлгөн системалардын иш жөндөмдүүлүгүн б.а. курулуштун сапатын жогорлатуу жана аларды кабыл алуудагы текшерүүнү күчөтүү, иштетүүдө жана оңдоодо (ремонттоодо) коюлган талаптарды кылдаттык менен орундатуу, башка нерселердин таасиринен бузулууларга, майышууларга жол бербей турган өтө катуу чараларды камсыздоо зарыл, мисалы, чөгүү ж.б. Жер титирөөнүн коопсуздук теориясынын өнүгүшүнө чоң таасирин тийгизген инсандар катары: Буне В.И, Горшков Т.П., Губин И.Е., Кейлис-Борок В.И., Саваренский Е.Ф., Садовский М.А., Соловьев СП., Солоненко В.П., Шебалин Н.В. ж.б. эсептейбиз.

Ошондой эле, чет элдик илимпоздорунун жана адистердин сейсмикалык жактан коргоо илимине кошкон салымдарын айтпай кетүүгө болбойт: Берман А., Био М., Блюм Дж., Борджерс Дж., Велетсос А., Гропп Д.,Ибанец П. жана адистердин жетекчилиги астындагы ар кандай фирмалар «АНКО Энджиниэрз», Канаи К., Клафа Р., Муте К., Ньюрмарк Н., Пензиен Дж., Розенблюэт Э., Стентон О.Ф., Хаузнер Дж., Эйкофф П. ж.б.

Сейсмикалык таасир эткен күчтөрдүн астында курулуш жана имараттардын конструкцияларынын бузулуушун эске алууда серпилгичтик теориясын изилдөөдө теоретикалык жана эксперименталдык эмгектер алгылыктуу орунду ээлеген, алар: Абдурашидов К.С., Айзенберг Я.М., Ашимбаев М.У., Ашкинадзе Г.Н., Болтухов А.А., Бондаренко В.М., Бородин Л.А., Голденолат И.И., Гудков Б.П., Дорбинян С.С, Жаров А.М., Жунусов Т.Ж., Ицков И.Е., Кириков Б.А., Килимник Л.Ш., Корчинский Л.Н., Курзанов А.М.,

Марджанишвили М.А., Немчинов Ю.И., Поляков С.В., Попов Н.Н., Пухов А.Б., Раков Б.В., Расторгуев Б.С, Ржевский В.А., Саакяна А.О., Саргсян А.Е., Складнев Н.Н., Тищенко В.Н., Тян А.С., Узлов С.Т., Хачиян Э.Е., Ципенюк И.Ф., Чануквадзе Г.Ш., Чачав Т.Н., Шапиро Г.А., Яременко В.Г. ж.б. калемдерине таандык.

Сейсматуруктуу имараттардын жаңы ыкмаларын иштеп чыгуу, изилдөөлөрдүн теоретикалык жана эксперименталдык эсебинин модулдарын жана сейсмотуруктуу имараттардын атайын сейсмикалык коргоонун системаларын камтыгын эмгектер: Абдурашидов К.С.,Лйзенберг Я.М., Алейников И.А., Ашимбаев М.У., Ашкинадзе Г.Н., Ахмедов А.М., Бобров Ф.В., Васюнкин А.Н., Васильчиков В.В., Гудков Б.П., Дарчиашвили В.Ж., Денисов Б.Е., Жунусоа Т.Ж., Зеленский Г.А., Зеленьков Ф.Д., Иванов СВ., Катен-Ярцев А.С., Килимник Л.Ш., Коротков В.М., Курзаноа А.М., Мовсесян Л.А., Назин В.В., Ржевский В.А., Рзаев Р.А., Саакян А.О., Симон Ю.А., Тоду В.М., Хачиян Э.Е., Чануквадзе Г.Ш., Черепинский Ю.Д., Шапиро Г.А., Шевлянов Ю.А., Шепелев В.Ф., Шульгин Ю.М. ж.б. таандык.

Кыштан коюлган имараттардын жана алардан фрагментеринин динамикалык реакцияларын изилдөөдө эксперименттери кубаттуу титирөөтүүчү машинанын жардамы менен жасалган эмгектер катары: Ашкинадзе Г.Н., Захаров В.Ф., Курзанов А.М., Симон Ю.А., Шапиро Г.А.- эсептейбиз. Ушул жагдайда, тактап айтканда Кыргыз Республикасынын шартында илимпоздор дагы, көптөгөн эмгектерди жаратууда, мисалга ала кетсек; Солдатова Л.Л., Кутуев М.Д., Бегалиев У.Т., Медекеев Р.А., Ордобаев Б.С., Маматов Ж.И., Матозимов Б.С. ж.б. салымдары чоң десек жаңылышпастырбыз.

Акыркы 10 жылдыктын ичинде В.А.Кучеренко атындагы ЦНИИСК менен КМКТАУ-ти биргелешип имараттарды долбоорлоодо пайдабалдагы сейсмооболоочу жылууга ыңгайлашкан белдигин изилдешип жана иштеп чыгышкан. Бул, негизинен, конструктивдүү чечимдер менен сейсмикалык куралдануунун оптималдуу жакшырганына ылайык, мурда кабыл алынгандагылардан алда канча олуттуу түрдө айырмаланган сейсмотуруктуу курулуштардын жаңы багытары менен өзгөчөлөнүп тургандыгында. Ошондуктан, Республикабыздын эң көйгөйлүү маселелеринин бири катары имараттардын сейсмотуруктуулугун камсыздоо болуп саналат.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу:** Кыргызстандын аймагындагы жер титирөөгө туруктуу имараттарды долборлоо менен байланышкан.

Баарыбызга белгилүү болгондой, эң актуалдуу техникалык проблемелардын бири болуп экономикалык үнөмдүү жана жер титирөөгө туруктуу имараттар менен камсыздоодо курулуш материалдарын тандап, ал жерге ылайыктуу конструкциядагы имараттарды курушубуз керек. Сейсмикалык райондоштуруу картасынын негизинде анализ жүргүзсөк, Кыргызстандын аймагы 8 жана 9 баллдык жер титирөөлөргө дуушар болот. Мисалы, Кыргыз Республикасынын аймагында жылына 3000 миңден ашык жер титирөөлөр катталып турат. Бирок, жер титирөөлөр качан болоорун алдына ала так айтууга илимдин азырынча кудурети жетише элек. Сейсмикалык коргоонуда активдүү жана пассивдүү имараттар менен камсыз кылуу курулуш практикасында колдонулууда.

Жер титирөө бардык эле жерде боло бербестен, жер шарынын айрым бөлүктөрүндө болуп, белгилүү бир геологиялык түзүлүштөр менен байланышат. Жер титирөө тоолуу, негизинен жаңы тоо тектеринен түзүлгөн аймактарда болот. Жер бетинде өтө күчтүү деген жер титирөөлөр Тынч океандын жээктеринде жана Жер Ортолук деңиз аймагында (Альп, Кавказ, Гималай тоолору) дайыма болуп турат. Ошондой эле, КМШ өлкөлөрүндө жер титирөөлөргү коопсуз аймактар болуп: Закавказья, Орто Азия, Казакстан, байкал айланасы, Курил аралдары, Камчатка, Сахалин эсептелет. Ал эми, Чыгыш Европа жана Батыш Сибир түздүктөрүндө жер титирөөлөр байкалбайт. Тянь-Шань менен Памир тоолору сейсмикалык эң эле активдүү аймактарга кирет/3/.

Аз кабаттуу имараттар үчүн ар кандай сейсмикалык күчүнүн бирдигин аныктоо ыкмалары, катуу бекитилган жана обочолонгон пайдубалдар практикада азыркы маалда колдону туруксуз деп эсептелинет. Ошондой эле конкреттүү принциптер аз кабаттуу имараттарды конструкциялоодо, алардын сейсмикалык туруктуу жана экономикалык үнөмдүүлүгүн камсыз кылуудагы баардык тажрыйбалар иштелип чыга элек десек жаңылышпайбыз.

Өзгөчө Кырдаалдар Министрлиги менен «Сейсмикалык туруктуу курулушту илимий изилдөө жана долборлоо институтунун» биргелешип жүргүзүлгөн изилдөөлөрүнүн жыйынтыгында, эл жашаган жеке турак үйлөрдүн 80% ден ашыгы жер титирөөгө туруксуз үйлөр деп табылган, бул деген ошол үйлөрдө жашаган адамдардын өмүрлөрү коркунучта экендигин

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

айгинелеп турат. Буга ким себепкер болууда деген суроо туулат. Эң кездешүүчү себептердин бири катары биз, бул элдердин материадык абалдарынын начардыгын, курулуш материалдарынын кымбаттыгы, ошондой эле, кээ бирлери жер титирөөгө туруктуу курулуш боюнча эч бир түшүнүгү жоктугун жана аны эске албагандыгы болуп саналат /1/.

Жер титирөө учурунда, биринчи кезекте кыйроого дуушар боолунун себептери:

- Пайдубалдын таштан, ылай менен кыналып жасалганы;
- Пайдубалдынжерге терең казылып орнотулбаганы;
- Пайдубалдынжердин бетинен бийик көтөрүлбөгөнү;
- Пайдубал менен дубалдын бир-бирине байланышы жоктугу;
- Топурактан тургузулган дубалдын бекемдик касиеттеринин начардыгы, б.а. даярдоодогу кошулмалардын кошулбагандыгы (саман жана башка байламта материалдар) ;
- Дубалдагы торчолордун жоктугу;
- Курулушта колдонулган материалдардын катуулугунун төмөндүгү же ийилчээктиги, ошондой эле эшик, терезе үстүндөгү – бириктиргичтин дубалга жакшы бекитилбегендиги;
- Узунунан кеткен дубалдын туурасынан кеткен дубал менен байланышы жоктугу;
- Жер титирөөгө каршы сейсмикалык белдиктин жоктугу;
- Дубалдын үстүнөн тактайлардын ташталбагандыгынан улам, устундардын дубалга жакшы минбей жана алардын бир-бири менен байланышы жоктугу;
- Устундардын жана чатырдын элементеринин бир-бири менен, ошондой эле дубал менен байлашынпай калышы;
- Жүк көтөрүүчү дубалдардын аралыгы чоң болуп калышы (5 метрден ашсы);
- Үйдүн чатырынын, устурдарынын жана башка элементтеринин салмагынын чоңдугу;

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

- Үйдүн чатырынан түшкөн суулар бирдиктүү бир системага болбогондуктан;
- Үйдүн тегерегин, айлантып куюулган жантайма керме жабуунун жоктугу болуп эсептелет /2/.

Сейсмикалык туруктуу курулуштардын, имараттардын эсептөөдөгү маанилүү ыкмаларынын божомолунан профессорлор Жунусов менен Корчинскийдин тыянагына таянып инженердик практикада колдонулган, ар кандай шарттарга байланыштуу эң башкысы аз кабаттуу имараттардын бекемдүүлүгүн эсептөө, курулуштун туруктуулугун сактоону, ал жердин ийилчээк аймагын камсыз кылуу жана статистикалык негизги:

1. Жер кыртышынын ылдамдануусунан көз карандыгы;
2. Курулуштардын жана имараттардын жер титирөөдө пайда болгон динамикалык күчтүн өзгөчөлүгү болуп эсептелет.

Жалпысынан айтканда, эң негизги маселелерди чечүү болуп аз кабаттуу имараттардын жер титирөөдөгү туруктуулугун жана экономикалык үнөмдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн стохастикалык эсебин иштеп чыгуу жана аз кабаттуу имараттардын жер титирөөдөгү туруктуулугунун долборлоо принциптеринин тактыгы:

**Диссертациянын темасынын көлөмдүү илимий программалар менен байланышы:** Диссертациялык иштин тематикасы «Сейсмикалык коргоону системасын бекемдөө жана экономикалык жактан үнөмдүү, жаңы сейсмикага туруктуу имараттарды ойлоп табуу жана иштеп чыгуу», КМКТАУнин астындагы сейсмикалык туруктуулуктун проблемасын илимий-изилдөө лабораториясындагы тематикалык изилдөө планы боюнча аткарылган (2009-2012).

**Изилдөөнүн объектиси жана предмети:**Диссертациялык иштин изилдөө объектиси болуп жер титирөөгү кооптуу деген жерлерди теоретикалык жактан изилдөө, термодинамикалык термелүүнүн негизинде теориялык ыкмаларын эсептөө иштеп чыгарылган ошондой эле, эксперименталдык моделдер изилдөөдөгү КМКТАУнин алдындагы сейсмикалык лабораториясындагы сейсмоплатформада ченеп-жазгыч аспабы менен колдонуу каралган.

**Изилдөөнүн максаты жана маселелери:** Диссертациялык иштин негизи максаты болуп жер силкинүн талдоо жана практикадагы долборлоо принциптерин жакшыртуу үчүн аз кабаттуу имараттардын сеймикалык туруктулугунун божомол ыкмасы менен эсептөө методикасын иштеп чыгуу

эсептелет. Коюлган максаттардын чегинде төмөндөгүдөй конкрет маселелер чечилди:

1. пайдубалы катууланган аз кабаттуу имараттардын сейсмикалык туруктуулугунун камсыздоодо ыктымалдык ыкмасынын эсебинин негизинде иштеп чыгуу;
2. пайдубалдан обочолонгон аз кабаттуу имараттардын сейсмикалык туруктуулугу үчүн кинематикалык стохастика ыкмасынын эсебинин негизинде иштеп чыгуу;
3. аз кабаттуу имараттардын сеймикалык туруктулугунун божомол ыкмасы менен эсептөөдө колдонмо программалык пакетин (КПП) иштеп чыгуу;
4. экономикалык үнөмдүүгүн жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылууда аз кабаттуу имараттардын сейсмикалык туруктуулугунун принциптерин долборлоодо практикалык сунуштарды киргизүү;
5. динамикалык күчүнүн астында күч көтөргөн конструкциялардын деформациялык – чыңалуу абалын аз кабатуу имараттарда эксперименттик моделин иштеп чыгуу.
6. конструкциялоодогу принциптердин божомолдоо ыкмасынын эсептөөгү усулунун аныктыгын сейсмикалык платформада, б.а. иш жүзүндө текшерүү;
7. курулуш практикасы муктаж болгон аз кабаттуу сейсмикалык туруктуу имараттардын эксперименттик долбоорлору иштеп чыгуу.

**Илимий жаңылыгы:** Иштин илимий жаңылыгы төмөнкүлөрдөн турат:

- аз кабаттуу имараттардын сейсмотуруктуулугун божомолдоо ыкмасынын негизинде эсептөөнү жүргүзүү.

- имараттын жер үстүнө берилүүчү ордук күчүнүн сейсмикалык чоңдугун аныктоодо, пайдубалдан обочолонгон аз кабаттуу имараттардын сейсмикалык туруктуулугун кинематико-божомолдоо ыкмасын негизинде эсептөөнү иштеп чыгуу.

- аз кабаттуу имараттардын сейсмикалык туруктуулугун камсыздоо үчүн божомол ыкмасын эсептөөдө колдонмо программасынын пакетин иштеп чыгуу.

- имараттын жер үстүнө берилүүчү сейсмикалык күчүнүн чегин камсыздоо, пайдубалдан обочолонгон аз кабаттуу имараттардын сейсмикалык туруктуулугунун конструкциялоодогу принцинтерин сунуш кылуудагы практикадык конкреттүүлүгүн түзүү.

**Изилдөөнүн практикалык баалуулугу:**

- фундаменталдык курулуш механикасынын аныктаган ыкмаларына таянуу;

- аз кабаттуу имараттардын иш жүзүндө өткөргөн жыйынтыктардын негизинде таянак чыгарылган, ошондой эле сейсмикалык туруктуу имараттарды конструкциялоодо инженердик талдоонун принциптери менен салыштырылган;

- эксперимент түрүндө көрсөтүлгөн.

**Иштин практикалык жана экономикалык мааниси:**

Колдонууда эсептөөнүн ыкмалары жана практикада конструкциялоо принциптери аз кабаттуу имараттардын ишенимдүүлүгүн жана экономикалык үнөмдүүлүгүн арттырат. Жер титирөөдөгү курулуштардын сейсмикалык туруктуулугунун проблемаларын чечүүдөгү илимий-изилдөө лабораторияларында, КМКТАУнин окуу процессинде, ОАО «Промпроекте», ошондой эле курулуш мекемелеринде негизги илимий чечим жана имараттардын сейсмотуруктуулугун долбоорлоодо изилдөөнүн жыйынтыгын жайылтууда. Аз кабаттуу сейсмотурукту имараттын эксперименталдык долбоорлоорун практикада колдонуу 12% - экономикалык натыйжалуулукту алып келет, башкача айтканда 1900 сом/м$^2$ барабар.

**Талкулоого чыгуу үчүн негизги орду жана жыйынтыгы:**

- пайдубалы бекемдетилген аз кабаттуу имараттын сейсмикалык туруктуулугун болжомол ыкмасынын негизинде эсептөө иштелип чыгарылган.

- пайдубалдан обочолонгон, аз кабаттуу имараттардын сейсмикалык туруктуулугун божомол ыкмасынын негизинде эсептөө иштелип чыгарылган.

- экономикалык үнөмдүүлүгүн жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылууда аз кабаттуу имараттардын сейсмикалык туруктуулугунун принциптерин долбоорлоодо практикалык сунуштар киргизилген.

- динамикалык күчүнүн астында күч көтөргөн конструкциялардын деформациялык – чыңалуу абалын аз кабатуу имараттарда эксперименттик моделин иштелип чыгарылган.

- сейсмоплатформадагы конструкциялоонун принциптерин, ошондой эле аз кабаттуу имараттардын сейсмотуруктуулугун эсептөдөгү ыкмаларынын негизинде иштелип чыккан тажрыйбалардын эксперименттик жыйынтыктары алынган.

- курулуш практикасы муктаж болгон аз кабаттуу сейсмикалык турук имараттардын эксперименттик долбоорлору сунушталган.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы**. Диссертациялык иштин негизги идеалогиясы, иштин максаты, изилдөөлөрдүн тартиби илимий жетекчи менен чогуу иштеген, калган конкреттүү аткарылган иштер жеке талапкерге таандык

**Иштин жыйынтыгын талкуулоо жана иш жүзүнө ашыруу:** Иштин негиздери (2011-2013-жылга чейинки) жана жыйынтыктары боюнча докладдарда баяндалып ошондой эле, ар кандай семинарларда талкууланган, мисалы, «Курулуш механика», «Механика» кафедраларында, жыл сайын уюштуруулучу КМКТАУнун илимий – техникалык конференцияларында, «Билим берүүнүн информациялык технологиясы: анын абалы, проблемалары жана өнүгүшү»- аттуу эл аралык илимий-прктакалык конференциясында (КМКТАУ 2011-ж.), «Кыргызстандын жаратылыш ресурстарын колдонуудагы экологиялык, экономикалык көйгөйлөрү жана аларды чечүүнүн жолдору»- аттуу Республикалык илимий-практикалык конференциясында (КМТУ 2011-ж.), «Рахматулинские чтения» - эл аралык илимий конференциясында (Кыргыз Республикасынын Улуттук академиясы, Кыргыз Республикасынын билим жана илим министирлиги, ж.б. 2011-ж.), Профессор И.Б.Бийбосуновдун туулган күнүнүн 80 жылдыгына арналган, «Бүтүн чөйрөлөр механикасынын актуалдуу проблемалары» Эл аралык конференцияда (Бишкек шаары, 27-28 июнь, 2012-ж.) ж.б. жыйындарда.

**Жарыялар:** Диссертациялык иштин темасы боюнча 17 илимий эмгектер жана 1 илимий методикалык китеби жарыяланган, алардын негизги бөлүгү диссертациянын аягында адабияттардын тизмесинде көсөтүлгөн.

**Диссертациялык иштин түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, беш бөлүмдөн, корутундудан, колдонулган 108 аталыштагы адабияттандын тизмесинен жана 131 бет компьютердик тексти түзөт, 46 сүрөттөн, ошондой эле 4 тиркемеден турат.

## 1. БӨЛҮМ

## СЕЙСМИКАЛЫК ТУРУКТУУ КУРУЛУШТУН ЗАМАНБАП АБАЛЫ

Жалпыга белгилүү болгондой, жергиликтүү материалдардан тургузулган имараттарды массалык түрдө байыртадан бүгүнкү күнгө чейин жайылышынын натыйжасы, азыркы мезгилде да аларды изилдөөдөгү активдүүлүктүн жогору

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

болгондугунда. Ушунун негизинде жергиликтүү материалдардын көптө артыкчылыгы бар экендиги талашсыз, мисал келтире кетсек:

- Аз кабаттуу имараттар үчүн, жетишээрлик бекемдүүлүгү;
- Даярдоодогу жана тургузуудагы анын жөнөкөйлүүлүгү;
- Жылуулуктуу көп убакытка чейин кармоо жөндөмдүүлүгү;
- Экологиялык жактан тазалыгы;
- Өрткө туруктулуугу;
- Баасынын арзандыгы;
- Адам баласынын ден соолуугуна жагымдуулугу ж.б./2/

Жалпылап айтканда, сейсмикалык коркунучтуу аймактарда актуалдуу техникалык проблемаларга экономикалык жактан арзан жана сейсмикалык туруктуу имараттарды, курулуштарды куруу кирет, алар төмөнкүлөргө башийет;

-сейсмикалык жактан кооптуу деген аймакка, ал жер титирөөнүн прогноздоо теориясына таянат;

- сейсмикалык күчтүн чондугуна, ал сейсмотуруктуу теориясына негизделет;

- күч көтөрүүчү конструкциялардын чыналуу-деформациялык абалынын чегине, ал бекемдик теориясына таянат;

- сейсмотуруктуу имараттарды жана курулуштарды долборлоо принциптерине, алар бекемдик жана үнөмдүк өзгөчөлүктөрүн аныктайт: Учурдагы теориялык абалы төмөндөгүдөй:

### 1.1. Жер титирөөнүн прогноздоо теориясын талдоо.

Жер түзүлүшү боюнча сфера түрүндөгү телону элестетет, анын радиусу 6400 км. Курамы үч бөлүккө бөлүнгөн: ядросу же сферацентри, мантиясы жана жер кыртышы же кабыгы. Ядросу жердин борбордук бөлүгүн түзөт. Ал радису 3500 км сфера жана суюктук деп эсептелет. Мантиясы болсо ядрону каптап турат. Анын калыңдыгы 2900км жана ал ультранегизделген оливиндик кендерден турат. Жер кыртышы болсо атып чыккан (гранит жана базальт) отурукташкан жана метаморфиялык ишмердүүлүктө пайда болгон тектерди камтыйт. Жер кыртышынын салмагы 2.7-3.0 г/см$^3$, мантиясы 3,3-5,7 г/см$^3$ , ядросу 9,7-12,3г/см$^3$. Температурасы болсо ылдый карай көтөрүлөт, ал 700км тереңдикте 1000-1500$^0$С түзөт (башкача айтканда, чоң эмес тереңдиктерде жер

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

кыймылы- титирөөсү байкалат), анын борборунда 4000-4700$^0$С чейин. Ал борборундагы энергия запастарынын топтолушуна байланыштуу контингенттердин өзгөрүүсүнө, өсүшүнө алып келген шарттар, жердин бетин да өзгөрүүгө алып келет.

Жер титирөөлөр кыртыштын катуу кыймылында пайда болот. Бул кубулуш топтолгон чоң түрдөгү энергиянын аз убакыт ичинде таркашынын астында пайда болот, байкача айтканда, жердин кыртышында жана мантиясынын сыртындагы күчтөрдүн дислокациясында пайда болот. Божомоолдоо боюнча, жер титирөөдө пайда болгон максималдуу энергия, гамалар менен 5х10 эрг., ал 1/1000 жалпы энергияга барабар жана жерге жылуулук түрүндө бир жылда бөлүнөт. Мисал келтире кетсек, Хирасимага ташталган атом бомбасынын 12,5 миңине барабар. 1911-жылы Кемин жер титирөөсүндө көз ачып жумгача бөлүнүп чыккан энергияны иштеп чыгуу үчүн, Днепр ГЭСи 300 жыл тынбай иштеши керек экен.

Жер титирөө пайда болгон жер гипоцентр же фокус деп аталат, ал эми гипоцентрдеги борбордук чекит эпицентр делет/4/. Жер титирөө пайда болгон тектоникалык кыймылдардын себептери жөнүндө бир нече теориялар бар. Азыркы кезде эң белгилүүлөрүнө кирген теориялар төмөнкүлөр:

- пульсациялык, анын негизинде жердин кызылуу жана тартылуу фазалары алышып турат, ал жер бетинин бүктөлүшүнө жана жырылуулардын пайда болушуна алып келген;

- конвекциялык, ал ар түрдөгү тыгыздыктары менен заттардын температуралык айрамасынын негизинде кошулмалардын жылышына, ошондой эле континенттердин жылышына жана тоолордун пайда болошуна алып келет;

- мобилизм же материктердин дрейфи, континенттердин жылышын, боштуктарын суу менен толуп калды деп божомолдойт. Айтылгандарды негиздөө үчүн суу астындагы базальт тоолорун фактыга келтиришет жана чуңкурчаларды бөлүп турган жердин бетиндеги мантиянын эритмелерин айтышат;

- тектоникалык плиткалар, анын негизинде жер катмары бир нече плиткаларга бөлүнүп турат, алар конвекциялык күчтөрдүн негизинде астындагы катмарлардын бетинде жылышат. Мисалга, Америка жана Евроазиалык плиталардын аралыгы 1см. жылга өсүшүн такташкан, б.а. плиткалардын жакындашы жана алысташы жер титирөөлөрдүн негизин түзүөт. Байыркы жана орто кылымдарда жердин титирешин астрологдор жана «көзү ачыктар» айтып келген. Бирок, жердин титирешин илимий божомолдоолору үчүн төмөнкү программалар иштелип чыккан; Нивейдеги жер титирөөдөн кийин 1891-жылы

Японияда – «Жер титирөөлөрдүн алдын ала айтууну изилдөө долбору», 1[illegible] жылдагы – Цюрикте жер титирөөлөрдү алдын ала айтуу Эл аралык комиссия.

Аталып кеткен программалардын негизинде төмөнкү жер титирөөсүнүн теориясы пайда болгон:

1. Статистикалык жер титирөө прогнозу;
2. Жер титирөөнүн эмпирикалык жолу, ал жердин титирөөдөгү кубулуштарга негизделет;
3. Чектөө деформациялар жана жердин титирөөсүнүн пайда болуу мүмкүндүгү;
4. Дилентисия модемине негизделген божомолдоо/6/ - бул теориялар учурда практикалык колдонууга ээ эмес.

Айтылган прогноздоолордон АКШ дагы Түштүк Королина алгач сейсмикалык эмес деп эсептелсе, ал эми 1986-ж. Чарьтон жер серпилүүсүндө аябай жабыркаган. Буга окшогон кыйратуулар 1964-ж. Японялык Ниигатесинде да болгон. Сейсмикалык нормаларга жана карталардын өзгөрүүсүнө түрткү болуп көптөгөн жер титрөөлөр негиз болду – Орто Азиядагы - Гармда, Файзебадта, Чаткалда, Казанжинде, Ашхабадта, Ньюнскийде, Олекминдеги, Ортобайкалдагы, Кавказдагы, Ортоазиялык жана Прибалтика – Чкантиндик, Тас-Юриктик, Дагестандык, Артыктык, Газмийлик ж.б. /3/. Кичүү сейсмикалык райондордо каттуу силкинүүлөр мүмкүн эмес деп кепилдик берүү болбойт жана азыркы имараттарды эсептөө ыкмалары алардын сейсмикалык коргоолушун камсыз кылалышпайт. Божомолдоолор боюнча иштерде /5/ төмөнкүлөр аныкталган:

- жер силкинүү энергиясынын пайда болушу чектелген мейкиндикте жүрөт жана убакыт сайын кокусунан пайда болот.

Газдардын баш аламан кыймылы жана жер силкинүүдө пайда болгон энергияны салыштырып, сейсмикалык кыймылдын ылдамдыгы боюнча жер титирөөнүн таралыш мыйзамы аныкталган, ал газдардын молекулаларына салыштырылган. Бул теориянын аныктыгы Орто Азиядагы катуу жер силкинүүлөрдүн статистикасы далилдейт. Теория боюнча баардык сейсмоактивдүү райондордо курулуш, имараттар 9-баллду күчкө эсептелиши керек.

1883-жылдан бери Кыргызстандын аймагында көптөгөн жер кыймылы байкалган, алар 6 балл жана андан жогору күчтөгү эпицентрдик титирөөлөр. Тянь-Шандын Түндүк жана Түштүк жактарынын басымдуу бөлүгүндө 8-9 баллдагы титирөөлөр байкалган. Чоң баллду зоналар (8-9 баллду) Кыргыз тоо кыркаларында, Күнгөй Алатоо, Зайлий тоо кыркаларында, алардын астындагы

аймактарында, Чүй, Ысык-Көл, Илийлик ойдуңунда, Чаткал жана Фергана кыркаларынын кесилишинде жана Фергана ойдуңунун чыгыш жагында байкалат. Дагы бир чоң жер титирөө аймагы Алай тоо кыркаларына тура келет. 9 баллду титирөөлөрдүн аймагы Кыргызстандын 20% нын түзөт, 8 балл аймактары – 30%дын тегерегинде.

1.1- диаграмма




**Кыргызстандын аймагындагы жер титирөөлөрдүн балл боюнча бөлүнүшү**.

Жай жана катуу жер титирөөлөрдүн эпицентрин анализдөө негизги сейсмикалык активдүү зоналарды бөлүп чыгууга мүмкүнчүлүк берет. Бул Кыргызстандын аймагындагы негизги сейсмикалык бөлүктөрдү аныктайт. Алар Тундүк –Тянь-Шань зонасы, Түштүк- Тянь-Шань зонасы,Тянь-Шандын борбордук бөлүгү (Соң-Көл зонасы ), Чаткал-Фергана зонасы, Түштүк-Фергана зонасы ж.б. Бул зоналардын чегинде магнитудасы M≥8,0 көптөгөн катастрофалык жер титирөөлөр белгилүү. Кыргызстандын аймагындагы акыркы 100 жылда болгон 7 балл жана андан чоңураак күчтөгү катуу жер титирөөлөр 1.1-таблицада келтирилет.

1.1.-таблица

2. Кыргызстандын аймагында болгон жер титирөөлөр

| Аталышы, баллы | Убактысы | Борборундагы убакыт, саат, мин., сек. | Огу (координаты) | | Магнитудасы M |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | ψN | λE | |

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Ош 7 | 14.11.1883 | 14.17.00 | 40,°5 | 72,°8 | 2 груп. Интен. |
| Беловодскийде 9-10 | 03.07.1885 | | 42,°7 | 74,°1 | 2 груп. Интен. |
| Верненскийде, 9-10 | 09.06.1887 | | 43,1 | 77,0 | 2 груп. Интен. |
| Чиликте, 9-10 | 12.07.1889 | | 43,2 | 78,6 | 1груп. Интен. |
| Андижанда, 9 | 03.12.1902 | 5.00 | 40,7 | 72,4 | 2 груп. Интен. |
| Андижанда, 8-9 | 16.12.1902 | 16.00 | 70,7 | 72,4 | 2 груп. Интен. |
| Аимскийде 8 | 28.03.1903 | | 40,8 | 72,7 | 2 груп. Интен. |
| Ески-Ноокатта, 8 | 15.09.1907 | | 40,3 | 72,0 | 2 груп. Интен. |
| Кеминское, 10 | 03.01.1911 | 23.25.58 | 42,8 | 76,7 | 8 |
| Куршабта, 7-8 | 06.07.1924 | 18.31.51 | 40,5 | 73,0 | 6½ |
| Куршабта, 8 | 12.07.1924 | 15.12.35 | 40,5 | 73,0 | 6½ |
| Наманганское, 8 | 12.08.1927 | 10.22.47 | 41,0 | 71,6 | 5¾ |

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Фрунзе, 4 | 23.08.1928 | 3.53.38 | 42,0 | 73,0 | 5½ |
| Фрунзеде, 4 | 22.03.1928 | 2.22.50 | 42,6 | 74,3 | 5¼ |
| Түптө, 6-7 | 24.12.1932 | 4.17.20 | 42,8 | 78,2 | 5½ |
| Кемин-Чуйдө, 8-9 | 20.06.1938 | 23.50.36 | 42,7 | 75,8 | 6½ |
| Чаткалда, 9 | 02.11.1946 | 18.28.30 | 41,8 | 71,8 | 7½ |
| Сары-Камышта, 8-9 | 05.06.1970 | | | | 6,8 |
| Жаналаш-Түптө, 8-9 | 1978 | | | | |
| Байсоорунда, 8 | 12.11.1990 | 18.28 | 43,00 | 77,57 | 6,3 |
| Кочкор-Атада, 8 | 15.05.1992 | 14.07 | 41,06 | 72,25 | 6,1 |
| Суусамырда, 8 жана андан жоготуу | 19.08.1992 | 8.04 | 42,04 | 73,38 | 7,3 |
| Чоң-Кеминде | 1999-ж. | 9.10 | 40,7 | 72,4 | |
| Ак-Сайда 8-9 | 2000-ж. | 20.00 | 70,7 | 72,4 | |
| Нурада 8 жана андан жоготуу | 2008-ж. | 22.30 | 40,8 | 72,7 | |
| Баткенде 8 | 20.07.201 | 19.20 | 40,3 | 72,0 | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 1. | | | | |

1.2-Диаграмма




## 1.2. Сейсмотуруктуулук теориясын анализдөө.

Азыркы убактагы инженердик практикада имаратка таасир этүүчү сейсмикалык күчтүн чоңдугу төмөнкү теориялар менен аныкталат.

1) Сейсмотуруктуулуктун статистикалык теориясы;

2) Сейсмотуруктуулуктун кинематикалык теориясы;

3) Сейсмотуруктуулуктун динамикалык теориясы;

4) Сейсмотуруктуулуктун кинематика-динамикалык теориясы.

Жер титирөөнүн чоңдугу белгилүү болсо, анда имаратка, курулуштарга таасир этүүчү сейсмикалык күчтү төмөнкүчө аныкташат:

1. Япон окумуштуусу Ф.Омаринин /5/ сейсмотуруктуу статикасынын теориясы боюнча, имараттар деформациялык касиетсиз жерге катуу бекитилген абсолюттук катуу тело катары кабыл алынат. Жер титирөөдөгү негиздин ылдамдыгын $V_{осн.}$ жана имараттын массасын билип туруп, сейсмикалык күчтүн пайда болушун төмөнкү формула боюнча аныктаса болот:

$$S_{ст}=V_{осн}m=\ldots \quad (1.1)$$

бул жерде, $K_c=a_{осн}/q$ – негиздин ылдамдыгы /оордук күчүнүн ылдамдыгы;

m – массасы; Q – имараттын оордугу







1.1.сүр. Эсептөө модели негизи. 1-имарат;2-негиз.

1.2.сүр. Ылдамдыктын байланыш графиги

Жыйынтыктап айтканда, $S_{ст}$ – чоңдугун аныктоо үчүн (1) формула боюнча негиздин максималдуу ылдамдыгын билүү жетиштүү. Негиздин ылдамдыгы, оордук күч ылдамдыгы катары эле дайым курулуштарга таасир этет, б.а. сейсмикалык күч имаратка статистикалык түрдө таасир этет; $\mathbf{a_{зд}=a_{осн}}$ (1.2сүр.).

Бул жерден төмөнкү теориянын адилетүү аталышы пайда болот, ал сейсмотуруктуулуктун статистикалык теориясы деп аталат. Анын негизги корутундусу – имаратка таасир этүүчү сейсмикалык күчтү билип туруп, анын туруктуулугун камсыздаса болот.

## 2. Сейсмотуруктуулуктун кинематикалык теориясы

Катуу силкинүүлөрдөн имараттардын жер титирөөдөн коргоо идеясы байыркы жана орто кылымдарда пайда болгон. Изилдөө ишинде /6/ имаратты абсолюттук катуу деп элестетилген. Ал негизде кыймылдоо амплитудасына жараша кыймылдайт, б.а. имарат сейсмоизоляциялык түркүктөргө таянып, жылуулук кыймылдаткычтары сымал аракеттелет. Бул теорияга негизделип сейсмотуруктуулуктун кинематикалык теориясы келип чыккан /82/. Аныкталган аналогдорго негизделип имараттын эсептик модели келип чыгат, 1.3сүр. карагыла




1.3.сүр. Имараттын эсептик модели

1 – имарат; 2 – сейсмикалык күчтү обочолотуу жасалгалар; 3 – пайдубал; 4 – негизи.

Сейсмооболочу түркүктөрдүн туруктуу теңдемесин түзөбүз;

$$\mathbf{S_{ор}=R}$$

.(1.2)

бул жерде, Sor =m·Vor - оболоочу түркүктөр аркылуу берилүүчү чектелген сейсмикалык күч ; m – имараттын оордук күчү ; Vor – имараттын чектелген ылдамдыгы; $R_{оп}$– жалганын сейсмооболоочу реакциясы.

Имаратка оболонуучу жасалгалар аркылуу берилген сейсмикалык күчтү /2/ теңдемеден аныктайбыз, б.а. $\mathbf{a_{зд}=a_{ог}}$ (1.4.сүр)







1.4.сүр. Ылдамдануугa байланыштуу график

1.5.сүр. Бир борбордук массадагы система

Практикада имаратка берилүүчү сейсмикалык күчтүү чектөө үчүн чоң жумшактыкка ээ болгон, ийилчээк жана сүрүлүү коэффинценти кичине материалдарды колдонулат, алар имаратты негизге салыштырмалуу кыймылына алып келет. Жалпыласак, сейсмотуруктуулуктун кинематикалык теориясы боюнча имараттын сейсмотуруктуулугу анын жер титирөөдө негизги

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

салыштыруу кыймылга келгенде негиздин амплитудасында чектелсе 1. камсыздалат.

3. Сейсмотуруктуулуктун динамикалык теориясы

Сейсмотуруктуулуктун динамикалык теориясыннын негиздөөчүсү Япон окумуштуусу Н.Монобе /7/ болгон, ал имараттын деформациялык касиетсиз гипотезадан баш тартып, ийилчээк касиетин эске алат. Имараттын модели катары бир борбордук массадагы m – система катары негиз менен ийилчээк байланышта жана EJ – ийкемсиз касиеттүү система сымал кабыл алынган (1.5.сүр). Аз кабаттуу же же көп кабаттуу (ийилчээк) имаратка таасир этүүчү сейсмикалык күч SΔ – төмөнкү формула менен аныкталар

$$S\Delta = \beta K c Q \qquad (1.3)$$

Бул жерде $\beta = a_{зд} / a_{осн} > 1$ имараттын ийилчээк касиетин эске алуучу динамикалык коэффициенти.







1.6.сүр. Ылдамдануу байланыштуу графиги

1.7.сүр. Бир борбордук массадагы система

Бул теориядан келип чыккан динамикалык коэффициент чексиз чоң көрсөткүчтөргө ээ боло алат. Эгер топурактын термелүү мезгили имараттын өздүк термелүү мезгилине умтулса, анда $a_{зд}/a_{осн}$(1.6.сүр). Башка иштерде да динамикалык коэффициентин чоңдугун аныктоодо эксперименталдык көрсөткүчтөргө дал келбейт, б.а. динамикалык коэффициенттин объективдүү чоңдугун чагылдырбайт. Мындай жыйынтык динамикалык теориянын мыктысыздыгын айгенелейт.

4. Сеймотуруктуулуктун кинематикалык – динамика теориясы.

Аз кабаттуу имараттардын кургак сүрүлүү элементтери менен динамикалык эсептөөлөрү көптөгөн китептерде, монографиялара классикалык иштерде каралган /8/. Бул теория кинематикалык-динамика теориясы деп аталышы имараттын эсептик модели сейсмотуруктуулуктун кинематикалык жана

динамикалык моделдердин теориясына негизделет, алардын комбинация чагылдырат (1.7.сүр) көрсөтүлгөн. Сейсмикалык таасирдин эсеби эки этап менен жүргүзүлөт.

1-этап. Кинематикалык теориянын эсептери боюнча имараттын ийкемсиздиги EJ=∞ , жер термелүүдө имарат жерге салыштырмалуу кыймылга ээ: δ≤A. Бул имаратка таянып сейсмикалык күчтүн чоңдугун аны оболоочу түркүктөр аркылуу аз кабаттуу имаратка берилген күчтөрдү аныкташат.

2-этап. Аз кабаттуу имаратка таасир этүүчү күчтү аныктоодо динамикалык теориянын эсептерин колдонушат, бирок динамикалык коэффициетти β – так аныктоо мүмкүн эмес, б.а. таасир этүүчү сейсмикалык күчтү аныктоо мүмкүн эмес. Имараттарды сейсмикалык жактан активдүү коргоо системасы алардын сейсмикалык термелүүсүндөгү резонанстык амплитудасы көбөйүдөн арылуу мүмкүнчүлүгү /8/. Буларга төмөнкүлөр кирет;

а) адаптивдүү ситемалар (байланышы бар кошулуучу системалар, байланышы жок кошулбай турган системалар).

б) өзгөчө чоң касиеттеги демпфирдик системалар (илээшчек демпфирдик системалар, кургак сүрүлүү демпфирдик системалар, чоң пластикалык деформациялык элементүү системалар).

в) термелүүнү өчүргүч системалар (соку түрүндөгү өчүргүч системалар, динамикалык өчүргүчтөр системалар).

Жалпысынан, аз кабаттуу имараттардын сейсмотуруктуулугун активдүү жана пассивдүү ыкмалар менен жетишсе болот, ал үчүн титирөөдө пайда болгон сейсмикалык күчтүн чоңдугун так аныктоого жардам берген жаңы эсептөө ыкмаларын иштеп чыгуу керек – деген жыйынтыкка келебиз.

## 1.3. Бышыктыктын теориясын талдоо

Классикалык феноменологиядагы бекемдик теориялары төмөнкү шарттарга негизделет. Конструкциялардын материалдары бир тектүү, бир туташ болот, заттын структуралык түзүлүшүн эске албайт. Материалдын ичиндеги деформация ар бир ченинде, ошол чекиттеги чыңалууга теңделет, деформациялык ылдамдыгы эске алынбайт. Брустун туурасындагы кесилиши – күч таасир эткиче жалпак жана нормалдуу, ал негизги конструкцияларга таасир этүүчү сырткы (толгогон) күчтөрдү эске албайт. Негизги конструкциялар көп учурда кошулуш бөлмөнүн температурасында иштейт, чыңалуу-деформациялык абалына температуранын таасири эске алынбайт. Бул шарттарга негизделген эсептер, көп учурда карама –каршы жыйынтыктарды берет.(9) Иштердин биринде /10/ төмөнкүчө божомолдо каралган .

-негизги конструкциялардын материалы атомдук түзүмдөн турат;

- атомдордун ортосундагы байланыш Кулон мыйзамына баш ийет.

Бекемдиктин термодинамикалык критерийлери боюнча идеалдуу газ менен катуу ийилчээк телонун ортосундагы аналогия аныкталган:

$$\frac{F_B \Delta \ell}{T_B} \prec \frac{F_K R}{T_T}, \qquad (1.4.)$$

Бул жерде, Fв- катуу ийилчээк телого таасир этүүчү күч; Δ ℓ- катуу ийилчеээк телонун абсолюттук деформациясы; Тв – телону курчаган чөйрөнүн температурасы; Fк – атомдорду байланыштырган Кулон күчү; R – атомдорду байланыштырган ядро менен электрондун аралыгы; Тт – катуу ийилчээк телонун абсолюттук температурасы.

Белгиленген критерийдин тактыгы эксперименттер, факторлор менен аныкталган /9/. Ошентип, негизги конструкциялардын ишмердүүлүгүн объективдүү мүнөзүн бекемдүүлүктүн термодинамикалык критерии бааланат.

**Корутунду**

1. Катуу жана жай жер силкинүүлөрдүн эпицентрлеринин жайгашкан жеринин анализи, сейсмоактивдүү зоналарды аныктоого жардам берет. Булар Кыргызстандын аймагындагы негизги сейсмогендик түзүлүшкө туура келет.

2. Активдүү же пассивдүү сейсмокоргосу бар аз кабаттуу имараттардын сейсмотуруктуулугун жаңы принциптеги эсептер аркылуу жетсе болот. Бунун негизинде сейсмикалык күчтүн чоңдугун так аныктай алабыз дегендик. Ал жер титирөөдөгү имараттын негизги конструкцияларындагы күчтүү аныктоого жардам берет .

3. Негизги конструкциялардын ишмердүүлүгү объективдүү баасы бекемдүүлүктүн термодинамикалык критерийлери менен аныкталат.

## 2. БӨЛҮМ

## ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА ТАЖРЫЙБАЛЫК ЖОЛДОРУ

### 2.1. Сейсмикалык теориянын статистикалык ыкмасы.

Учурда жер титирөөнү прогноздоо жер жөнүндөгү илимде негиз көйгөйлөрдүн бири. Ал жердин физикалык маселелери «сейсмологиядагы негизги маселелерге кирет». Азыркы кезге чейин иштелип чыккан серпилүүнүн теорияларынын жыйынтыгынан алыс. Алар жаратылыш кубулуштарына байкоо жүргүзүүгө негизделип физикалык касиеттерин терең изилдөөгө муктаж. Жаңы иштелип чыккан жер титирөө прогноздор практикалык колдонууга ыңгайлуу болушу абзел.

Бир көлөмдөгү газ момекулалардын баш аламан кыймылда жана ийилчээк мейкиндиктеги жер силкинүүнүн бөлүнүп чыгуу энергиясын аналогиясын карап көрөлү. Газдын молекулярдык кыймылы менен жер титирөөнүн окшоштугу байкалат. (табл.2.1).

Бул аналогияга негизделип жер титирөөдө пайда болгон сейсмикалык толкундардын өзгөрүүчү ылдамдыгынын амплитудасын аныктайбыз, ал газдын молекулаларынын кыймылы ылдамдыгынын пайда болушун элестетет.

$$\frac{\Delta n}{n} = \frac{4}{\sqrt{\pi}} e^{-\left(\frac{V_s}{V_s^B}\right)^2} \left(\frac{V_s}{V_s^B}\right) \frac{\Delta V}{V_s^B}, \qquad (2.1)$$

бул жерде, $\Delta n$ - жер титирөөнүн саны, сейсмикалык толкундардын термелүү ылдамдыгына ээ; $n$ -сеймоактивдүү аймактын жалпы термелүү саны; $V_s^B$ - сейсмикалык толкундардын термелүү ылдамдыгынын мүмкүндүгү; $V_s$ - титирөөнүн аныкталуучу сейсмикалык толкундардын ылдамдыгы.

Эми жер титирөөдө пайда болгон сейсмикалык толкундардын термелүү ылдамдыгын аныктап алып, жер титирөө прогнозунун ыкмасын убакыты боюнча, божомолдоо координаттарын аныктаса болот.

2.1. таблица

Газдын молекулярдык кыймылы менен жер титирөө кубулушунун аналогиясы

| Газ | Жер титирөө |
|---|---|

| | |
|---|---|
| 1. молекуланын кинематикалык энергиясы: $E_M = m_M v_m^2 / 2$,<br><br>Бул жерде $m_м$–молекуланын массасы,$v_м$ –молекуланын ылдамдыгы.<br><br>2.Газдын абсолюттук температурасы, төмөнкү бирдикте белгиленет: $Q_M = kT_г$ ,<br><br>k- Больцмандын туруктуу саны,<br><br>$T_г$- газдын абсолюттук температурасы. | Сейсмикалык толкундардын кинетикалык энергиясы: $E_S = m_S v_s^2 / 2$,<br><br>бул жерде $m_S$–ийилчээк жарым мейкиндиктеги заттын массасынан бөлүнүүчү энергиясы,<br><br>$m_S = Q_S / c^2$ , c –жарыктын ылдамдыгы;<br><br>$v_S$– сейсмикалык толкундардын термелүү ылдамдыгы. Жарым мейкиндиктеги абсолюттук температурасы, төмөнкү бирдикте белгиленет:<br><br>$Q_S = kT_n$ , бул жерде $T_n$ - очоктогу абсолюттук температура, анын ичинде жер титирөө пайда болот. |

Куруучу – инженерлер арасында жер титирөөнүн интенсивдүүлүгү максималдуу ылдамдануусу менен мүнөздөлөт, ошондуктан (2.1) формулада сейсмикалык толкундун термелүү ылдамдыгынын ордуна сейсмикалык толкундун термелүү ылдамдануусун койсок, б.а. $\mathbf{V_S = at}$, **б**ул жерде, **а**–жер бетиндеги пайда болгон ылдамдануу, **t**–сейсмикалык толкундардын термелүү мезгили. Буга негизделип жер титирөөнүн таркалышынын мыйзамын жана интенсивдүүлүгүн аныктайбыз;

$$\frac{\Delta \mathbf{n}}{\mathbf{n}} = \frac{4}{\sqrt{\pi}} \mathbf{e}^{-\left(\frac{a}{a^{в}}\right)^2} \left(\frac{a}{a^{в}}\right) \frac{\Delta \mathbf{a}}{\mathbf{a}} . \qquad (2.2)$$

Сейсмоактивдүү региондун мүмкүн болуучу интенсивдүүлүктү (мүмкүн болгон $a^{в}$ ылдамдануну) билип туруп, (2.2) теңдеме боюнча жер титирөөнүн интенсивдүүлүгүнүн таралышына прогноз (божомолдоо) берсе болот.

Бир убакта болгон жалпы жер титирөөнүн санын билип туруп алардын пайда болуусун аныктаса болот:

$$\Delta T = \frac{T}{\Delta n} = \frac{T / n}{(\Delta n / n)} , \qquad (2.3)$$

бул жерде, ΔT – бир интенсивдүүлүккө ээ жер титирөөнүн божомолдуу периоду; T –жалпы белгилүү жер титирөөнүн ортосундагы убакыт; Δn - бир интенсивдүүлүккө ээ жер титирөөнүн саны; n– сейсмоактивдүү зонадагы T убакытка ээ жер титирөөнүн жалпы саны; $\frac{\Delta n}{n}$ - белгилүү интенсивдүүлүккө ээ

жер титирөөнүн божомолдоо чыгышы. Формула (2.3) боюнча сейсмоактив[illegible] регионду сейсмоактивдүүлүгүн божомолдоосо болот.

**Б**роун бөлүкчөлөрүнүн кыймылы Максвелл бөлүштүрүү мыйзамына баш ийгени далилденген. Эгер жер титирөө Максвеллдин бөлүштүрүүсү боюнча кыймыл аракетке келсе, анда бир убакытта аткарылган кыймыл жана орточо координаттардын ортосундагы аралыкта болгон жер титирөөнүн аналогиясы болушу керек (2.2. табл). Белгилүү болгон жер титирөөнүн кайталанышы боюнча пайда болуучу жер титирөө радиусун Эйнштейндин төмөнкү формуласы боюнча аныктаса болот;

$$\mathbf{\Delta R_s} = \sqrt{2D_S}\,\sqrt{\Delta T}\,. \qquad (2.4)$$

2.2. таблица

**Б**роун бөлүкчөлөрүнүн орточо басып өткөн аралыгы менен жер титирөөнүн координаттарынын орточо аралык аналогиясы

| **Б**роун бөлүкчөлөрү | Жер титирөө кубулушу |
|---|---|
| **Б**роун бөлүкчөлөрүнүн орточо басып өткөн аралыгы $\mathbf{\Delta x} = \sqrt{\mathbf{2D}}\,\sqrt{\mathbf{\Delta T}}$, бул жерде $\Delta T$ –белгилүү бир убакытта ал бөлүкчөнүн басып өткөн $\mathbf{\Delta x}$аралыгын билдирет, D - диффузия коэффициент. | жер титирөөнүн орточо аралыгы $\mathbf{\Delta R_s} = \sqrt{\mathbf{2D_S}}\,\sqrt{\mathbf{\Delta T_S}}$, Булл жерде $\Delta T_S$–орточо болуучу жер титирөөнүн статистикалык белгилүү периоду, $D_S$–пропорциялык коэффициент, сейсмоактивдүүлүкө көз каранда. |

Божомолдоо теория менен Орто Азиянын аймагындагы катуу болгон жер титирөөнүн статистикалык көрсөткүчтөрүнүн салыштыруусу 2.3-2.5.таблицаларында келтирилген.

2.3.таблица

<u>Түндүк–Тяньшаньдагы сейсмоактивдүү зоналарындагы жер титирөөлөр.</u>

Эң мүмкүн болгон $a^{в} = 0{,}2g$ (8 балл) интенсивдүүлүк. Изилденген убакыт T= 1978 г. – 1865 ж. (113 жыл). Каралган убакыттагы жер титирөө n=20

| № | Жер титирөөнүн | Интенсивдүүлүк | Саны | Жыштыгы |
|---|---|---|---|---|

| п/п | мүнөздөмөсү | баллдары | $a^в$ | факт. Δn | теорет. Δn | факт. ΔT | теорет.ΔT |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Орточо күчтөгү | 7 | 0,1g | 4 | 4 | 28,3 | 28,3 |
| 2. | Катуу, локалдык масштабдагы | 7-8 | 0,2g | 8 | 8 | 14,1 | 14,1 |
| 3. | Катуу, регионалдуу масштабдагы | 8-9 | 0,4g | 7 | 7 | 16,1 | 16,1 |
| 4. | Катастрофалык, планетардык масштабдагы | >9 | 0,8g | 1 | 1 | 113 | 113 |
| | | | | n=20 | n=20 | T=113 | T=113 |

2.4.таблица

Түштүк–Тяньшань сейсмоактивдүү зонасындагы жер титирөөлөр

($a^в$ = 0,2g; T = 1972 ж. … 1986 ж. = 86 ж.,n = 49)

| № п/п | Жер титирөөнүн мүнөздөмөсү | Интенсивдүүлүк | | Саны | | Жыштыгы | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | баллдары | $a^в$ | факт. Δn | теорет. Δn | факт. ΔT | теорет. ΔT |
| 1. | Орточо күчтөгү | 7 | 0,1g | 12 | 10 | 29 | 21,2 |
| 2. | Катуу, локалдык масштабдагы | 7-8 | 0,2g | 24 | 20 | 8,9 | 9,9 |
| 3. | Катуу, регионалдуу масштабдагы | 8-9 | 0,4g | 11 | 17 | 7,8 | 5,2 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 4. | Катастрофалык, планетардык масштабдагы | >9 | 0,8g | 2 | 2 | 43 | 43 |
| | | | | n=49 | n=49 | T=86 | T=86 |

2.5.таблица

Предкопетдагастындагы сейсмоактивдүүзонасындагы жер титирөөлөр

($a^{в}$= 0,2g; T = 1968 ж. -1952 ж. = 116 жыл, n = 28)

| № п/п | Жер титирөөнүн мүнөздөмөсү | Интенсивдүүлүк | | Саны | | Жыштыгы | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | баллдары | $a^{в}$ | факт. Δn | баллдары | $a^{в}$ | теорет. ΔT |
| 1. | Орточо күчтөгү | 7 | 0,1g | 4 | 5 | 29 | 23,5 |
| 2. | Катуу, локалдык масштабдагы | 7-8 | 0,2g | 13 | 12 | 8,9 | 9,8 |
| 3. | Катуу, регионалдуу масштабдагы | 8-9 | 0,4g | 10 | 10 | 11,6 | 11,6 |
| 4. | Катастрофалык, планетардык масштабдагы | >9 | 0,8g | 1 | 1 | 116 | 116 |
| | | | | n=28 | n=28 | T=116 | T=116 |

Орто Азия аймагындагы болуп өткөн жер титирөөлөрдүн так координаттары белгисиз болгондуктан (2.4) формула аркылуу фактылык көрсөткүчтөрүн салыштырууга мүмкүнчүлүк болбоду. Бирок ал формуланын негизинде бир жерде болгон жер титирөө бирдей кайталанбайт деп ырастоо болот, б.а. 2ΔT убакыт арасында. Мисалы, Түндүк- Тяньшань сейсмоактивдүү зонасында катастрофалык масштабдагы жер титирөөлөр 2x113=226 жылда кайра кайталанбайт, ага кошо бүт күчтөгү жер титирөөлөр 2T/n=2x113/20=11,3 жылда кайра болбойт.

Ошонтип, жер титирөөнүн интенсивдүүлүгүн, ордун жана убакыттын аныктоого мүмкүн эмес. Жер титирөөнүн интенсивдүүлүгүн жеке ордун практикалык божомолдоо аныктоосу, сейсмоактивдүү зоналарга бөлүштүрүү, сейсмоактивдүү райондордо болуп өтүшүнө, геологиянын өзгөчөлүгүнө негизделген. Буга окшогон прогноздоонун себебинде АКШдагы Түштүк-Каролина 1986-ж. Чарлтон жер титирөөсүнөн жапа чеккен, ага чейин ал салттуу түрдө сейсмикалык эмес деп эсептелүүнүчү; 1964-ж. Ниигатада жер титирөө Японияны башка аймактарынан кичинерээк күчдө өткөн; СССР акимагында 1950-2000-жылдары болгон жер титирөөлөр сейсмикалык райондоштуруу картасына өзгөртүү киргизүүгө негиз болгон.

Негизинен, сейсмоактивдүү регондордуу сейсмикалык интенсивдүүлүккө карата райондоштуруу талапка объективдүү жооп бербейт, буга окшогон мүчүлүштүктөр катастрофалык натыйжага алып келет.

Баардык сейсмоактивдүү региондордо сейсотуруктуу курулуштар, имараттар 9 баллдагы интенсивдүүлүк жер титирөөгө эсептелиниши абзел.

## 2.2. Сейсмиканын теориясын кинематикалык ыкмасы

1. Тарых тастыктагандай, биздин доорго чейинки VI-кылымда Эфесте дүйнөдүгү эн укмуштуу делген курулуш курулган. Ал Артемида чиркөөсүн курууда Херсифрон саздуу жерди тандап алган, ал жерге жыгач көмүрдү жүн жана арматуралоо менен жасалма негиз түзгөн, аны менен чиркөөнүн сейсмотуруктуулугун камсыздаган. III-VII-кылымдарда имараттардын сейсмикалык таасирин азайтуу үчүн орто Азияда монументалдуу курулуштар – толук чопо жаздыкка төшөлгөн, цоколдук бөлүгүндөгү дубалына жумшак камыш катмарлар коюлган.

Ал ыкмалардын ишмердүүлүгү жер титирөөнүн инженердик анализдөө жыйынтыктары менен тастыкталган.

2. Англия Франция АКШ жана Жаңы Зеландия кеңири таркаган сейсмооболоочу багыттын бирине ийилчээк материалдарды колдонуу кирет, б.а. резинометаллдык имараттын негизги конструкциялары менен пайдубалдын ортосуна түркүктөрдү орнотуу имараттын өздүк оордугунан жана сыркы күчтөн өзгөчө отурукташканын токтотуу үчүн аларды вертикалдуу тегиздикте катуу кылып долбоорлошот. Ошол эле кезде ал горизонталдуу тегиздикте кичине өлчөмдө жумшактыкка ээ болот. Буга окшогон туруктуу имаратардын сыноосу жер титирөөдө вибрациялык күчкө дуушар болот, ал кезде топурактын термелүү амплитудасы 20 см-ге жетет, бул сыноодо имараттын ичинде эч кандай бузулуулар байкалбаган, шаймандар жана буюмдар ордунан жылган

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

эмес, бул кезде сейсмооболоочу түркүктөрдө бир нече деформация байкалган.

3. Кичине сүрүлүү коэффициентке ээ материалдар сейсмооболоочу жабдык катары колдонуу Кыргыз Техникалык университет менен В.А.Кучеренко атындагы ККИИБда, Казах өндүрүшкуруу ИИМнин жардамы аркылуу жүргүзүлгөн.

Бишкек шаарында бир нече имараттар ушундай ыкмада курулган жана алардын нукура статистикалык, вибрациялык сыноосу колдонулган материалдардын эффективдүүгүн көргөзгөн.

Жылуулук кыймылдаткычтары менен имараттардын иштешиндеги аналогияны карап жатып, энергияны сактоо термодинамикалык мыйзамга баш ийген аракеттин сакталышы такталган (2.6таблицада).

2.6. таблица

Жер титирөөдө сейсмооболоочу жабыктар менен курулган имараттын жана жылуулук кыймылдаткычтын ортосундагы аналогия

| Жылуулук кыймылдаткычтары | Сеймооболоочу жабдыктуу имарат |
|---|---|
| 1 | 2 |
| 1. энергия сактоочу термодинамикалык мыйзам<br>$Q_1=A_1+Q_2$ ,<br>Булл жердеQ$_1$ – жылуулук берүүчүдөн алган жылуулуктун саны; $Q_2$ – муздаткычка берилген жылуулуктун саны; $A_1$ – кыймылдаткыч аткарган жумуш.<br>2. Пайдалуу аракет коэффициент (ПАК)<br>$n=\frac{A}{T_1}100\% = \frac{T_1 - T_2}{T_1}100\%,$<br>бул жерде $T_1$ – жылыткычтын температурасы, $T_2$ – муздаткычтын | Энергия сактоочу сейсмодинамикалык мыйзам<br>$П_S=A_S+K_S,$<br>Булл жерде $П_S=\frac{m\alpha_{осн}^2 t^2}{2}$ - жер титирөө учурунда пайдубал берген энергия, $K_S=\frac{m\alpha_{ог}^2 t^2}{2}$ - жер титирөө учурундагы сейсмооболоочу жабдыктын берген энергиясы, m–имараттын массасы, $\alpha_{осн}$ – жердин ылдамдануусу, $\alpha_{ог}$ –имараттын чектелген ылдамдануусу, t - жер титирөө учурунда пайдубал менен имараттын термелүү периоду (кыймылы). $A_S=Q\delta$ – жер титирөө учурундагы имараттын жумушу,<br>Бул жерде Q–имараттын салмагы, δ - жер титирөө учурунда пайдубалга карата имараттын кыймылы.<br>Сейсмооболоочу жабдыктын техникалык |

| | |
|---|---|
| температурасы,<br><br>А –кыймылдаткычтын аткарган жумушу. | эффективдүүлүгү<br><br>$$n_T = \frac{A_S}{\alpha_{осн}} 100\% = \frac{\alpha_{осн} - \alpha_{6балл}}{\alpha_{осн}} 100\%, \quad (2.5)$$<br><br>бул жерде $\alpha_{осн}$ - жер титирөө учурундагы жердин фактылык ылдамдануусу, $\alpha_{6балл}$ – имараттын алты баллга тура келген жер титирөө учурундагы имараттын чектелген ылдамдануусу, $A_S$– жер титирөөдөгү аткарган жумуш. |

Чоң жумшактыкка, ийилчээкке жана сүрүлүү коэффициентине төмөн материалдарды колдонуу менен жер аркылуу пайдубал менен имаратка берилген сейсмикалык күчтүү азайтууга мүмкүн. Эми сейсмикалык күчтү азайтуу ыкмаларына токтолобуз.

1. Имараттын сейсмооболочунун чоң жумшактык касиетке ээ материалдарды колдонуу менен жетишүү төмөнкү эсептик модели менен жүргүзүлөт.




2.1.сүр. Имараттын эсептик модели: 1– имарат; 2 – жамшак касиетке ээ материал; 3 – пайдубал; 4 – жер (негизи); S–имараттын жер жактагы бөлүгүнө берилген сейсмикалык күч: $S = m\alpha_{ог}$ , бул жерде m–имараттын массасы; $\alpha_{ог}$ – болжолдуу чектелген ылдамдануу; P –жер титирөө учурунда пайда болгон пайдубал жанан имараттын жылышындагы жумшак материалдын реактивдүү күчү: $P = FR$, бул жерде F – имараттын жумшак материалга жөлөнгөн аянты; R – колдонгон материалдын чектүү каршылыгы.

Тең салмактык теңдемесин түзсөк:

$$\mathbf{m\alpha_{ог} = FR,} \quad (2.6)$$

(2.6) теңдемесинен төмөнкү келип чыгат. Имараттын белгилүү m массадагы ийилчээк материалдын R чектүү каршылыгында имаратка берилүүчү $\alpha_{ог}$, инерциялык күчү төмөнкүгө түшүндүрүлөт.

$$\alpha_{ог} = FR/m, \qquad (2.7)$$

Имараттын белгилүү m массадагы ийилчек материалдын Rчектүү каршылыгында имаратка берилүүчү $\alpha_{ог}$,ылдамдануусундагы аянттын имаратка бекиши сейсмооболоочунун ишенимдүүлүгүн берет жана аны төмөнкүчө аныктайбыз:

$$F= m\alpha_{ог}/R, \qquad (2.8)$$

Имараттын белгилүү m массасында жана ийилчек материалдын R каршылыгында пайда болгон имараттагы божомолдоо $\alpha_{ог}$ төшөлгөн аянт төмөнкүчө аныкталат

$$R = m\alpha_{ог}/ F \qquad (2.9)$$

ал, имараттын сейсмооболонуучу кепилдигин аныктайт.

2. Имараттын сейсмооболонуусу чоң ийилчээк касиетке ээ материалдарын колдонуу менен камсыз кылынуусу төмөнкү эсептик модел аркылуу жүргүзүлөт. (сүр.2.2).




2.2 сүр. Имараттын эсептик модели: 1 – имарат; 2 – ийилчээк материал;

3 – пайдубал; 4 – жер; S–имараттын жер жагына берилүүчү сейсмикалык күч

$S = m\alpha_{ог}$ , бул жерде m–имараттын салмагы; $\alpha_{ог}$ –болжомолдуу кабыл алынган ылдамдануу; R – жер титирөө учурунда имараттын пайдубалга карата кыймылында пайда болгон ийилчээк материалдын реактивдүү күчү:

$$R = 12EJ\cdot\delta/h^3, \qquad (2$$

бул жерде h – ийилчээк материалдын бийиктиги, EJ – колдонгон материалдын катуулугу; δ – ийилчээк материалдын мүмкүн болгон деформациясы.

Эгерде тең салмактуулук теңдемесин түзсөк анда:

$$m\cdot\alpha_{ог} = 12EJ\cdot\delta/h^3. \qquad (2.11)$$

(2.11) теңдемеден төмөнкү көз карандуулук пайда болот:

-имараттын белгилүү массасында ийилчээк материалдын EJ катуулугунда, $h_a$ жумуш аткарган бийиктигинде жана δ амплитудада жылган имараттын инерциялык күчтүн ылдамдануусу төмөнкүчө аныкталат, ал имаратка таасир этет.

$$\alpha_{ог} = 12EJ\cdot\delta/h_a^3\cdot m, \qquad (2.12)$$

-имараттын белгилүү m массасы болсо, өзөгүнүн EJ ийилчээк бекемдигинде, термелүү амплитудасы δ жана ылдамдануусу $\alpha_{ог}$ бар деп алсак, анда кепилдикти камсыз кылган сейсмооболоочу ийилчээк өзөктүн жумуштук бийиктиги төмөнкүчө аныкталат.

$$h_a = \sqrt[3]{\frac{12EJ\delta}{m\alpha_{ог}}}. \qquad (2.13)$$

3.Антифрикциялык материалдарды колдонууда имараттын сейсмооболонушун төмөнкү эсептик модель аркылуу аныктайбыз. (сүр. 2.3).




Сүр.2.3. Имараттынэсептик модели: 1-имарат; 2-төмөнкү сүрүлүү коэффициентүү материал; 3-пайдубал; 4-жер; S– сейсмикалык күч; ал имараттын астына берилет: $S = m\cdot\alpha_{ог}$, бул жерде m-имараттын массасы; $\alpha_{ог}$ – ылдамдануу; R–жер титирөөдө пайдубал менен имараттын арасына коюлган антифрикциялык материалдын реактивдүү күчү: $R=f\cdot m\cdot g$, бул жерде f–

керектөөчү материалдын сүрүлүү коэффициенти; m – имараттын массасы, g оордук күчтүн ылдамдануусу.

Тең салмактуулук теңдемесин түзсөк:

$$\mathbf{m \cdot \alpha_{ог} = f \cdot m \cdot g.} \qquad (2.14)$$

(2.14) теңдемеси төмөнкү агымга алып келет:

-имараттын белгилүү m массасы болсо, антифрикциялык материалдын f сүрүлүү коэффициенти болсо, анда имаратка өткөн инерциялык күчтүн ылдамдануусу $\alpha_{ог}$ төмөнкүчө түшүндүрөбүз;

$$\mathbf{\alpha_{ог} = f \cdot g,} \qquad (2.15)$$

- имараттын белгилүү ылдамдануусу $\alpha_{ог}$ деп алсак сейсмооболонуу кепилдигин камсыз кылуучу антифрикциялык материалдын f сүрүлүү коэффициентин төмөнкүчө аныктайбыз;

$$\mathbf{f = \alpha_{ог}/g.} \qquad (2.16)$$

Жалпысынан, жер титирөөнүн пайдалуу жумушу имараттын сейсмооболонуусуна негизги ченеми катары кабыл алынат, б.а. канчалык имарат жерге карата жылса, ошончолук имаратка сейсмикалык күч азыраак берилет.

Имараттын сейсмотуруктуулугун жер титирөө учурунда курулуштун жерге салыштыруу кыймылын камсыздап, жердин термелүү амплитудасынын чегинде түзсөк толук камсыздоого мүмкүн.

## 2.3. Пайдалануу ишенимдүүлүк (кепилдик) теориясынын термодинамикалык ыкмасы

Атомдор ортосундагы байланыш Кулон мыйзамына баш ийет, идеалдуу газ менен ийилчээк катуу конструкциялык материалдын аналогиясы аныкталган.

2.7. таблица

Идеалдуу газ менен ийилчээк катуу конструкциялык материалдын аналогиясы

| Идеалдуу газ | Ийилчээк катуу тело |
|---|---|
| 1 | 2 |
| Идеалдуу газдын абалдык теңдемеси<br><br>PV/T = kN,<br><br>бул жерде, P – басымы, V – көлөмү, T – идеалдуу газдын абсолюттук температурасы, N – каралуучу көлөмдөгү газ молекулаларынын саны, k– Больцман туруктуу саны. | Катуу телонун ийилчээк абалындагы теңдемеси<br><br>**$F_к R/T_T = kN$,**<br>(2.17) бул жерде: $F_к=q_1q_2/\varepsilon R$ –Кулон күчү, $q_1$ –ядро дүрмөтү, $q_2$ –электрондун дүрмөтү , R–атомдук байланышты камсыздоочу электрон менендүрмөтүаралыгы; ε = const, $T_T$– ийилчээк катуу телонун абсолюттук температурасы;<br><br>N – молекулаларды байланыштырган атомдордун каралган кесилиштеги саны; k– Больцмана туруктуу саны. |

Телого таасир эткен сыркы күчтүн тең салмактуулугун (2.17) теңдемесин түзсөк, анда термодинамикалык ишенимдүүлүк көрсөткүчүн аныктайбыз:

$$F_B\Delta\ell/T_B<F_KR/T_T, \qquad (2.18)$$

Бул жерде $F_B$– ийилчээк каттуу телого таасир этүүчү сырткы күч;$\Delta\ell$ –ийилчээк каттуу телонунун абсолюттук деформациясы; $T_B$– ийилчээк катуу телону курчап турган абанын температурасы. Тактап айтсак, термодинамикалык ишенимдүүлүк критерий боюнча кату телону курчап турган абанын температурасы телонун атомдук байланыш температурасынан төмөн болушу абзел (2.18).

Идеалдуу газ сымал кату ийилчээк телонун теңдемесин карап чыксак

а)T=const, болсо анда;

2.8 таблица

Аналог закона Бойля-Мариотта

| Идеалдуу газ | Ийилчээк каттуу тело |
|---|---|
| PV = const | **$F_к R$ = const** (2.19) |

(2.19) формуласынан төмөнкү кепилдик келип чыгат **А<П**, (2.20)

бул жерде, $A = F_B \Delta \ell$ – сырткы күчтүн аткарган жумушу, $П = q_1 \cdot q_2 / \varepsilon \cdot R$ – ийилчээк катуу телонун байланыш энергиясы.

Туруктуу температурада сырткы күчтүн аткарган жумушу ийилчээк катуу телонун байланыш энергиясынан төмөн болушу керек (2.20).

Термодиномикалык кепилдик критерийинин айырмасы, анын бекемдик өзгөчөлүгү орточо деформациясына көз каранды (2.4 сүр.), классикалык учурда ал туруктуу болуп эсептелет.

Тактап айтканда, негизги конструкциялардын ишмердүүлүгү кепилдик өлчөм катары колдонулат.




2.4. сүр. Деформация ылдамдыгынын көз карандылык графиги

б) учурунда P = const

2.9 таблица

Гей-Люссака мыйзамы

| Идеалдуу газ | Ийилчээк катуу тело |
|---|---|
| V/T = const | $R/T_Г$ = const |

Ийилчээк катуу тело температурасынын таасиринде идеалдуу газ сымал иштейт, б.а. ысып кеңейет (2.5. сүр.): $\Delta \ell / T_B = R / T_Г$. (2. 21)




2.5.сүр.Температуралык көз караандылык графиги

Ийилчээк телонун температурасын төмөндөгүчө түшүндүрсөк болот

$$\mathbf{Q = \Pi,} \qquad (2.22)$$

бул жерде Q = k·T –ийилчээк катуу телого берилүүчү температуранын саны (2.21) жана (2.22) теңдемесин теңдесек, анда;

$$\mathbf{F_B \Delta \ell = k \cdot T.} \qquad (2.23)$$

Сырткы күч менен жылуулук аткарган жумуш эквивалентүү, ал:

$$\mathbf{\Delta \ell = k\,T / F_B.} \qquad (2.24)$$

(2.24) формуласынын тактыгы эксперименттер, фактылар менен такталат, ал металлдын (темирдин) ысышында кеңейүүгө, муздаганда кысылууга алып келет.

в) V = const учурунда.

2.10 таблица

Шарль мыйзамынын аналогиясы

| Идеалдуу газ | Ийилчээк катуу тело |
|---|---|
| P/T = const | $F_к/T_T$ = const (2.25) |

(2.25) төмөнкү келип чыгат

$$\mathbf{F_B/T_B = F_K/T_T = const.} \qquad (2.26)$$

(2.26) теңдемесинин жардамы менен өзөктүн октук борборлошо кысылуусун, жылуусун жана толгонуусун аныктайбыз, аны чоюу абалына алып келебиз, ал төмөнкүдөй;

1. Өзөктүн октук кысууда жоготкон туруктуулугу.

Ушул кезге чейин маалымат булагында октук (осевом) кысууда жоготкон туруктуулугу боюнча мисалдар каралган эмес. Божомолдоо боюнча өзөктүн октук кысылуусунда тээп чыгуусуна молекулалардын түртүлүү күчү себеп болот, ал өзөктүн деформациясында пайда болот. Өзөктүн октук кысылуусундагы туруктуулугун жоготуусун карап чыксак. Сырткы күчтөрдүн таасиринде өзөк деформацияланат. Ал деформацияланган учурда өзөктүн көлөмү боюнча ийилүү күчү топтолот, ал өзөктүү баштапкы абалына алып келүүнү аракеттенет же эң төмөнкү чыңалуу-деформациялык абалга алып келет.

Жалпысынан жыйынтыктасак, октук кысуу күчүнүн өсүшүнө байланыштуу бир учурга туш келебиз, ал өзөктүн көлөмүндө топтолгон ийилчээк күчкө же болбосо өзөктүн октон жаа сымал ийилүүсүнө алып келет, ал чыныгы ийилүүгө барабар же болбосо туруктуулукту жоготууга барабар.

Негизги конструкциялардын ишмердүүлүгүн термодинамикалык абалы боюнча баа беришибиз керек, ал кепилдик критерийи боюнча аныкталат.

## 2.4. Чектеги элементтер ыкмасы

Динамикалык эсептөө маселеси статистикалык түрдө мүнөздөлөт, ал вариациялык теңдеме катары келтирилет;

$$b\left(\frac{\partial^2 u}{\partial t^2}, v\right) + c\left(\frac{\partial u}{\partial t}, v\right) + a(u, v) = (f(t), v), \quad t > 0 \qquad (2.27)$$

$\boldsymbol{u(0)=u^0,\ \partial u/\partial t(0)=u^1,}$ бул жерде, $\boldsymbol{u_i=u(t)}$ – тактык жыйынтыгы; $\boldsymbol{b(u,v),\ c(u,v)}$ – инерциялык жана демпфирдик күчтөрдүн мүмкүн болуучу жумушу, $\boldsymbol{u^0,\ u^1}$ – жылуунун жана ылдамдыктын баштапкы чоңдугу. Калган белгилер статистикалык маселедегидей эле.

Динамикалык маселени чечүү үчүн ЧЭЫ (чектеги элементтер ыкмасы) аттуу ыкма ишке ашырылган, ал өздүк термелүү формаларына пайдаланган чечимин төмөнкү формула аркылуу аныктайбыз.

$$u_h = \sum_{i=1}^{N} u_i(t)\mu_i, \qquad (2.28)$$

бул жерде, $u_i(t)$ – скалярдык функция; $\mu_i$ – статистикалык маселеге дал кел базистик функция.

Эгер (1) $U_h$түрүн (2) $U$ нун жана $\mu_j$ $(j=1.....N)$, $V$ ордуна койсок, төмөнкү дифференциалдык теңдеме бирикмесине келебиз

$$M\frac{d^2x(t)}{dt^2}+C\frac{dx(t)}{dt}+Kx(t)=P(t), \tag{2.29}$$

Бул жерде $x(t), x^0, x^1$– векторлор элементтери менен $Xi(t)=u_i(t), x_i^0 = L_iU^u, x_i^1=LiU^1$, $M$ жана $C$ – матрицанын массасы, ошондой эле демпфирдик элементтери менен $m_{i,j}=b(\mu_i, \mu_j)$, $c_{i,j}= c(\mu_i, \mu_j)$.

Ийкемсиздик матрицасы $K$ *жана* $P(t)$ вектордук күч статистикалык маселедей эле каралат. Бул ыкма жарым дискреттүү аппроксимация деп белгилүү. Анын катачылыгы ($U$ жана $U_h$ортосундагы айырма) потенциалдык жана кинематикалык энергиянын баалодоо чогуу, өзүнчө болсо да $h^\tau$ пропорционалдык чоңдук катарында колдонулат.(2.29) Системаны өздүк термелүү калыбына бөлүү ыкмасын колдонуп чечебиз.

Эгер $\lambda_i$, $\varphi_i$ $<M\varphi_i,\varphi_i>=1$ - маселесинин чечилиши өздүк чоңдугу менен аныктанат

$$K\varphi=\lambda M\varphi \tag{2.30}$$

(<,>символдору менен $R^N$ скалярдык көбөйтүндүүсүн белгилейбиз)

Өздүк чоңдуктар (2.30) маселеси мейкиндик астындагы интеграция ыкмасы менен аныкталат.

$\varphi_i$,ортогоналдыкфункцияга таянып (2.29) формуласында $x(t)=\sum_{i=0}^{N} y_i(t)\varphi_i$ деп алсак, ($C$ матрицасындагы белгилүү божомолдоолорго байланыштуу), анда (3) тутум $y_i(t)$ тууралуу өз алдынча теңдемелерге бөлүнөт:

$$\frac{d^2}{dt^2}y_i(t)+2\xi_i\omega_i\frac{d}{dt}y_i(t)+\omega_i^2y_i(t)=P_i(t), t>0,$$

$$y_i(0)=y_i^0, \frac{dy_i}{dt}(0)=y_i^1. \tag{2.31}$$

(2.30) Теңдемесинин чечими төмөнкүдөй болот:

$$y_i=e^{-\xi_i\omega_i t}\left(\frac{y_i^1+y_i^0\xi_i\omega_i}{w_i}\sin\varpi_i t+y_i^0\cos\varpi_i t\right)+\frac{1}{\varpi_i}\int_0^t P_i(\tau)^{-\xi_i\omega_i(t-\tau)}\sin\varpi_i(t-\tau)d\tau,$$

бул жерде, $\varpi_i=\omega_i\sqrt{1-\xi_i}$.

Инерциялык күчтүн векторлору $S_i(t)$ төмөнкү формулалары аркылуу чечилет

$$S_i(t)=\omega_i^2y_i^{(t)}M\varphi_i.$$

Эсептерде төмөнкү чондуктар колдонулат

$$S_{i,0} = \max_t \left\{ \left| \omega_i^2 y_i(t) \right| \right\}.$$

***1.*** Шамал күчү үчүн

$$\boldsymbol{S_{i,0} = w_н \gamma_i},$$

Бул жерде $\boldsymbol{w_н}$ – шамал күчүнүн нормативдүү чоңдугу; $\gamma_i$– динамикалык коэффициент, ал $\boldsymbol{\omega_i}$ **,** $\xi_i$ жаны шамал ылдамдыгына көз каранды.

***2.*** Сейсмикалык күч үчүн $S_{i,0} = A\beta_i$,

бул жерде, А–ылдамдануунун салыштырмалуу чоңдугу, $\beta_i$- динамикалык коэффициенти, ал $\boldsymbol{\omega_i}$ жана $\boldsymbol{\xi_i}$ көз каранды

3. Импульсивдүү жана сокку күчтөрү үчүн

$$\left( t_0 \le 2.5 \frac{2\pi}{\omega_i} \right), \; S_{i,0} = \varepsilon_i \overline{P_i} \psi \;,$$

бул жерде, $\boldsymbol{\varepsilon_i}$ чоңдугунан $\boldsymbol{t_o}$ **,** $\boldsymbol{\omega_i}$, **-** көз каранды**;** $\boldsymbol{t_o}$ – импульстун таасир этүүчү убакыты; $\boldsymbol{\psi}$ - таасир этүүчү күчтүн периодун эске алуучу чоңдук;

$$\overline{P_i} = \begin{cases} \int_0^{t_0} P_i(\tau) d\tau - \textit{импульс} & \textit{учун} \\ M_0 v_0 (1 + v) - \textit{сокку} & \textit{учун} \end{cases}$$

бул жерде, $\boldsymbol{M_0}$ **,** - соккулоочу телонун массасы жана $\boldsymbol{v_0}$ - соккулоочу телонун ылдамдыгы; $v$- соккулоочу телордун формасынын калыбына келүүсүн эске алуучу коэффициент.

$\boldsymbol{\psi}$ ***к***оэффициенти термелүү түрлөрүнө көз каранды, алар калыптанган $\left( n > \frac{\pi}{4\xi_1} \right)$ же калыптанбаган $\left( n < \frac{\pi}{4\xi_1} \right)$ болушат, бул жерде, $\boldsymbol{n}$ – импульстардын пайдалануу саны.

4. гармоникалык күчтөр үчүн $P_{i,1} \cos\theta t + P_{i,2} \sin\theta t$

инерциялык күчтөрдүн суммалык формаларын $\boldsymbol{S_1}$ жана $\boldsymbol{S_2}$ менен аныкташат, ал косинустук (чыныгы) жана синустук (божомолдоо) түрүндө жооп берет да ал төмөнкүчө аныкталат:

$$S_1 = \sum_i a_i M \varphi_i, \quad S_2 = \sum_i b_i M \varphi_i,$$

бул жерде, $a_i = \dfrac{P_{i,1}\chi_i - P_{i,2}\xi_i\alpha_i}{\chi_i^2 + \alpha_i^2}$, $\quad b_i = \dfrac{P_{i,2}\chi_i + P_{i,1}\xi_i\alpha_i}{\chi_i^2 + \alpha_i^2}$,

$\alpha_i = \dfrac{\theta}{\omega_i}, \chi_i = 1 - \alpha_i^2$. анда, $\max \left| \sum_i S_i(t) \right| = \sqrt{S_1^2 + S_2^2}$.

Мисалга келтирген таасир этүүчү варианттарында $y_i(t)$ чоңдугун эсептеп чыгууга мүмкүн. Башка учурларда $y_i(t)$ чоңдугун сандык түрүндө аныктайбыз.

Кээ бирки учурларда. Сейсмикалык күчтүү эсептөөдө акселерограммалык убакыттын $t_k$ үчүн ар бир учуруна $P_k = P(t_k)$ векторлору берилет. Ал (2.33) төмөнкүгө алып келет

$P_{i,k} = P_i(t_k)$. бул теңдеме (2.31) Ньюмарк схемасы боюнча чектүү айырмалык ыкмасы менен аныкталат, жылуу чоңдугун $y_{i,k} = y_i(t_k)$ жана инерциялык күчтү $S_{i,k} = S_i(t_k)$, аныктоого жардам берет, аларга негизделген;

$$S_{i,0} = \max_k \left\{ \left| \omega_i^2 y_i(t_k) \right| \right\} \cdot$$

Сейсмикалык күчтөрдү эсептөөдө компьютердик программаларды колдонушат. Ал Лира эсептик ыкмасы менен чыгарылат. Эсептөөдө божомол функциясы $S_0(\omega)$ сызыктуу – бөлүкчөлөр түрүндө интерполяция ыкмасы менен $S_0(\omega_i)$ тактоо болуп эсептелет. Бул функция ылдамдануу спектр графиги менен, ылдамдык, жылуу көрсөткүчтөрү менен мүнөздөлөт.

Динамикалык таасирде төмөнкү эсептик модулдар сунушталат:

Модуль 20 - СНиП II-7-81 боюнча сейсмикалык таасир;

Модуль 30 - СНиП II-7-81* боюнча сейсмикалык таасир, 01.01.1996;

Модуль 35 - СНиП II-7-81** боюнча сейсмикалык таасир,01.01.2000 жылы өзгөртүлгөн;

Модуль 27 - акселерограмма боюнча сейсмикалык таасир;

Модуль 32 - СНРА II-2.02-94 (Армения) боюнча сейсмикалык таасир;

Модуль 33 - КМК 2.01.03-96 (Узбекистан) нормалар боюнча сейсмикалык таасир;

Модуль 40 - NFP 06-013 (Франция) нормалар боюнча сейсмикалык таасир;

Модуль 42 - IBC-2000 (США) боюнча сейсмикалык таасир;

Модуль 21 – СНиП 2.01.07-85* боюнча пульсацияны эске алуучу шамал таасири;

Модуль 22 – импульстук таасири;

Модуль 24 – гармоникалык термелүүлөр;

Модуль 28 – жыштык зоналарын эске алуучу гармоникалык термелүүлөр;

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

## 2.5. Аз кабаттуу имараттардын сейсмикалык туруктуулугун эсептөөдө колдонмо программалардын пакетин (КПП) иштеп чыгуу ыкмасы

Программаны иштеп чыгуу этаптары

Негизги этаптардын бири – программага коюлуучу талаптарды аныктоо болот. Бул этапта жыйынтыкта коюлуучу талаптар мүнөздөлөт жана баштапкы маалыматтар кенен берилет. Андан сырткары программанын өзгөчөлүктөрү мүнөздөлөт.

Бул программанын Windowsдо иштөөсүндөө ыңгайлуу диалог терезесин маалымдашат. Алгоритм иштеп чыгуу этабында максатка жетүү үчүн аткарылуучу иш аракеттердин ирээтине келтиришет. Эгер маселе ар түрдөгү ыкмалар менен аныкталса, анда эсептик алгоритмдин түрлүү варианттары келтирилет. Аларды карап чыгып эң ыңгайлуусун тандап алабыз.

Delphi программасына негизделген жумушта программанын бөлүктөрүн иштеп чыгуу керек жана түзүлгөн бөлүкчөлөрдүн аракеттенишин Delphiөзү аткарат. Бул программа визуалдык компоненттери бар программалар менен иштөөгө ыңгайлуу, ошондой эле ичиндеги аткарылуучу буйруктар стандарттуу мүнөзгө ээ.

Программаны иштеп чыгуу

Маселесин аныктоо.

Коюлган маселе төмөндөгүчө келтирилген. Аз кабаттуу имараттардын сейсмотуруктуулугун эсептөө үчүн мүмкүн болуучу ыкмалардын колдонмо программалар пакетин иштеп чыгуу (КПП). Бул жерде өзгөчө программа түзүү керек-бир жагынан аз кабаттуу имараттардын сейсмотуруктуулугун эсептөөдө колдонулган ыкмаларды тестирлөө, экинчи жагынан кийинки эсептердин жыйынтыгын сактап сурамжылоо жүргүзүү. Бул программа конструкторлор жана сейсмотуруктуулук тармагындагы изилдөөчүлөрдүн эсеп жүргүзүүсүнө жардамдашат.

2.1 диаграмма

Delphi программасынын тили ирования

Delphi тармагындагы иштер Windows оперативдүү системасындагы топтордун программасын түзүүгү багытталган. Бул учурда негизги көңүлдүн чоң бөлүгү визуалдык тиркемелердин мүмкүнчүлүгүн иштеп чыгууга жумшалат, ал чоң көлөмдөгү даяр компоненттердин негизинде стандарттык максат коюну, негизги объектерден ийгиликтүү иерархияны чыгарууга өбөлгө түзөт. Бул компоненттер учурдагы информацияык технологиялардын бүт тармактарын камтыйт.

Тиркемени түзүүдө көп түрдөгү түзүмдөн керектүү компоненттерди тандап алуу керек, алар жалпы долбоорду түзүшөт. Компиляцияга чейин эле жумуштун жыйынтыгын көрө алабыз. Бул жагынан Delphi чөйрөнү интерпретация долбоорунан айырмачылыгы жок, бирок компиляциядан соң 10-20 жолу батыраак аткарууга код пайда болот, аткарылган жумуш интерпретатор аткарган жумушту элестетет. Delphi чөйрөсү толук визуалдуу аспаптардын толук бирикмесин камтыйт жана интерфейс колдонуу жумушун кубаттоого жардам берет, тиркемелерди ылдамдуу (RAD - rapid application development) аткартат..

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

*Программанын түзүлүшү*

***Программанын түзүлүшүн колдонуу үчүн алгоритмалык ишке ашыруучу структуралык схемасы 2.6. сүр. көрсөтүлгөн***




**2.6. Сүр.Программанын алгоритмин ишке ашыруу структуралык схемасы**

## 2.6. Экспременталдык изилдөөдө колдонуучу негизги аспаптар.

Азыркы кезде КӨЗ (СНГ) аймагында 138 ИСС стационардык станциялары орнотулган, алар атомдук электростанцияларын, гидротехникалык курулуштардын, тоннелдердин, метролордун станциясын эске албагандыгы өндүрүштүк жана граждандык курулуштардын станциялары. Алар көп сейсмикалык активдүү аймактарда айгашылган. ИСС маселесине курулуштардын жана алардын тегерегинде аймактын термелүүсүн көзөмөлдөгө

багытталган, ал колдонулган эсептердин жана жер титирөөгө карт колдонулган ыкмалардын жана алардын тууралыгын далилдөө ошондой эле жакшыртууга өбөлгө түзөт. Бул жерде эки түр кызмат бир-бирин толуктап турушат. ЕСНН жана ИСС станциялары түрлүү аспаптар менен жабдылган. Акселерограф аспабы ылдамдануу убактыга карата өзгөрүсүн белгилешет. Бул ыкмадан ишенимдүрөөк болуп кичи периоддору басымдуу кылгын термелүүлөрдү фиксациялоо эсептелинет, алар массалык типтеги катуу конструктивдүү схемадагы имараттардын өздүк жыштыгына жакындашат. Келтирилген ыкма ылдамдыкты өлчөөчү- велосиграфтар жана кыймылды өлчөөчү- сейсмографтар чон ишеничке ээ.

Стандарттык, инженерно-сейсмометрдик кызматтын станциясы дайыма беш сейсмометрикалык аппаратуралар менен жабдылат, анын ичинде осциллографтары жана термелүүнү өлчөөчү автоматтык орнотмолуу вибродатчик орнотулган. Аз жана көп кабаттуу имараттардын термелүүсүн белгилөөчүлөр төртүк аппараттар менен жабдылган, чоң өндүрүштүк имараттардын термелүүсүн аныктоо үчүн сейсмометрдик станция бешлик жабдыктар менен толукталат.

Биринчиси үч комплектүү аппаратураларды камтыйт, ал чоң көлөмдөгү виброгрфты ВБП-3, С5С сейсмокабылалгычты жана СПМ-16 акселерометрден турат.

I комплект аппаратурсы катуу жер титирөөдөгү кыймылды аныктоого багытталган, ал үчтүк ВБП-3 вибрографтан турат. Каналдардын чоңоюшу 0,25ге барабар деп алынат, ал жер титирөөнүн 6-7 баллдык күчтүлүгүн аныктап бере алат.

II комплект орточо күчтөгү жер титирөөлөрдү аныктоого тууралганган, ал С5С үчтүк сейсмокабылалуучу жабдык менен камсыздалган. Каналдардан көбөйүшү бешге барабар деп алынат, ал 4-5 баллдагы жер титирөөлөрдү өлчөйт, андан сырткары жыйырмалыгы 3-4 баллдагы жер титирөөнү өлчөйт.

III комплект орточо күчтөгү жер титирөөнүн ылдамдануусун аныктайт, бул да СПМ-16 деген үчтүк акселерометр менен жабдылган. Каналдардын сезимдүүлүгүн 1 см= 100 см/с$^2$-та 3-5 баллдагы жер титирөөнүн күчүн аныктайт.

ВБП-3 вибрографы 5-7 баллдагы жылуу чоңдугун жана 1 см=20 см/с$^2$аракетин аныктайт. Экинчи жана үчүнчү топтогу жабдыктар биринчи топтогудай эле өзгөчөлүктөргө, ошондой эле мүмкүнчүлүктөргө ээ.

Төртүнчү бирикме кичи күчтөгү (3 баллга чейинки) жер титирөөлөрдүн кыймылын аныктайт. Бул жабдык алты ВЭГИК сейсмокабылалгыч (электродинамикалык, геофизикалыкинститутунун вибрографы, Кирноса) менен куралган жана механикалык термелүүлөрдү өлчөөгө шарт түзөт. Анын иштөө схемасы 1,1 даражадагы өздүк термелүүлөрдүн мезгилин маятник

жардамы менен аныкталганга ыңгайланган жана цилиндрлүү каркасына индукциялык катушка түрүндөгү ичке зым менен бекитилген. СПМ-1К Акселерографы вертикалдуу жана горизонтталдуу термелүүлөрдү аныктаганы жардам берет.

СПМК-1К акселерографынын түзүлүшү: *1* — туруктуу магнит; *2* — борборлошкон шакекче; *3* — полюсталган магниттин сайгычтары; *4* — втулка; *5* — удалаш бекитилген катушкалар, *6* — ок; 7 — пружина; *8* —маятниктин үстүндөгү гайкасы ***(накидная гайка)***; *9* — корпусу; *10* —капкагы; *11* — капкактын сайгычтары; *12* — маятниктин үстүнкү гайкасы; *13* — асты; *14* — винт; *15* — маятниктин астынкы гайкасы.

ВЭГИК вибрографынын түзүлүшү: 1 — маятниктик крест түрүндөгү жүгү — айлануу огу, 2 — вертикалдуу багыттагы күчтүү белгилөөчү теңдештирүүчү чечилме пружинасы; 3— маятник; 4 — индукциялык катушка, 5 — туруктуу магнит.

Сейсмометрлер: *а* — бир маятниктүү СБМ, б — көп маятниктүү АИС 2М, 1 — ийилген жез диски —маятниктик салмагы, *2* — туруктуу магнит.

Тешиги бар цилиндр туруктуу магниттин салыштырмалуу жылышы маятниктин катушкасы термелүүнүн астында кыймылдайт. Индукциалык катушка өз-өзүнчө оромдорду камтыйт. Маятниктин өчүүчү термелүүсүн камсыздоо үчүн бир эле катушка кызмат кылат, ошондуктан ал толук туташылган. Экинчиси маятниктин кыймылын аныктап жазууга орнотулган. Ал осцилографтагы гальванометр каналы менен бириктирилген. Катушкалар ар түрдөгү ором менен жабдылат, ал ором өзүнчө каршылануууга ээ. Көпчүлүк учурда ал 28дей каршылыкка ээ болот, 210 Омдогу эки ором колдонулат. Гальванометрге биринчи же экинчи оромду туташтырса болот. Жогорку Омдогу ором кичинесине салыштырмалуу жабдыктын сезгичтигин 4 эсеге күчөтөт.

ВЭГИК вибрографы горизонталдуу термелүүнү ченегендей эле вертикалдуусун өлчөөгө да жөндөмдүү. Вертикалдуу термелүүнүн өлчөөчү тетик маятник массасын жакшыртууга тийиш, ал үчүн кошулган спираль пружинаны орнотуу керек. Схема боюнча маятник горизонталдуу окко салыштырмалуу вертикалдык термелүүлөрдү жасайт, бул учурда индукциялык ором маятнике салыштырмалуу аракеттенет. Горизонталдуу термелүүнү ченөө үчүн аспап 90° ка буралып чыйрыткысы (пружинасы) чечилет.

Бул топ учурунда каналдарын чоңойтуу 50-гө барабар деп алынат, ал имараттардын чатырындагы термелүүлөрдү ченейт, 200-дүгү жертөлөдөгү термелүүлөрдү ченеген жабдыктарга коюлат.

Бешинчи топтом орто күчтөгү жер тирирөөлөрдүн кыймылын жазууга жөндөмдүү, ал эки бирдей С5С сейсмокабылалуучу комплект аппараттарынан турат (ар бир комплекте үчтөн). 3-6 баллдагы жер титирөөнүн аныктоо үчүн

каналын 5- 20 га чейин чоңойтуу кабыл алынат. Бешинчи топтом аз кабаттуу имараттын катуу конструкциясындагы жанма (касательных) термелүүсүн ченейт, андан сырткары чоң нымдуулукта пайда болгон толгосун, жылуу ылдамдыгын, туурасындагы жана узунундагы багыттары боюнча термелүүсүн аныктайт. Андан сырткары, катуу жана орто жер титирөөлөр үчүн өзүнчө топтом бар, ал эки автоматтык типтеги УАР (1см=200 см/м$^2$ сезимдүүлүктө), бир маятниктүү сеймографтан СБМ (С.В.Медведевдин долбоору) жана АИС типтеги көп маятниктүү сейсмометрдик (Армян институтунун жабдыгын) камтыйт. АИС сейсмометрде алты горизонталдуу маятник менен жабдылган, алардын өздүк термелүү мезгилдери 0,05; 0,1; 0,2; 0,4; 0,8 жана 1,2 с, ошондой эле үч вертикалдуу маятниктер 0,05; 0,1 жана 0,2 с өздүк термелүү мезгилдерине ээ.

Катуу (7-9 күчтөгү) жер титирөөлөрдүн ылдамдануусун жазуу үчүн СПМ-16акселерометрин колдонушат, анын каналдарынын сезгичтиги 1 см = 200 см/с$^2$

ПОБ-1 осциллографтын ичине: Ог-гальванометрдин жарык бергичи; КЦ — цилиндр түрүндөгү конденсатор;СЛ — сфералык линза; ЗГ —гальванометрдин күзгүсү; Л1 жана ЛЦ — цилиндр түрүндөгү линзалары; ВВ — негизги валик; $З_1$, $З_2$жана$З_3$ — күзгүлөр; ЗБ — күзгү дообу (барабар); МЭ — маттык экран; ЗС— коргоочу айнек; $О_2$ — убакыт көрсөтүчү жарык бергич; Д — тешиктүү диафрагма; ДН — тешиктүү астынкы диск; ДВ — тешиктүү үстүнкү диск; П — призма; К — кассета. Термелүүнү жазганда каналдын санына жараша бир типтеги ПОБ осциллографы колдонулат (Борисевичтин талаа осциллографы). Осциллографтын оптикалык схемасы ПОБ-14М (Н-700). ПОБ осциллографтарында ГБ-IVже ГБ-III гальванометрлерин өзүнө камтыйт.Гальванометрлердин негизги чоңдуктары 2.11.таблицасында келтирилген.

Станциянын аппаратурасы күтүү режиминде иштейт. Осциллографттар автоматтык ишке киргизүү жабдыгы аркылуу ишке ашырылат. Автоматтык ишке киргизүүчү жабдык көп ирээт ченөөгө мүмкүнчүлүк берет, ал автоматтык түрдө жер титирөөдө күйүп өчөт. Ишке киргизүүчү эки жабдык параллель түрүндө бириктирилген, бул станциянын иштөө ишенимдүүлүгүн күчөтөт. 24В чыңалуудагы аккумулятордук батареяларга осциллографтардын баары туташтырылат. Кичи жер титирөөлөрдү ченөөчү осцилографтар туруксуз ток берүүчү выпрямителге уланса да болот. Осцилографтын баштапкы ылдамдыгы 40 мм/с түзөт. Убакыт боюнча баардык аппаратуралардын жазуусу берилет. Бир убакыттагы көрсөткүч 1с –дан соң берилет да, ал осцилографка атайын орнотулган гальванометрлер менен капкактык реле жардамы менен аныкталат.

Аз кабаттуу (1-4гө) имараттарда ИИС стандарттык ченегичтер эки жерде коюлат – чатырында жана ортосунда. Бул ченегичтер үч багыттагы термелүүлөрдү жазышат – узун, туура жана вертикалдуу багытта. Аспаптын

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

жерге орношу изилдөөчү жана коңшу имараттардан эки-үч-метр бийик аралыгына жайгашат.

Аз кабаттуу (2-4 же андан көбүрөөк кабаттуу) имараттар үчүн текшерүүчү станциялар ортосун дагы төрт катмарлуу бийиктикте орнотулат, бөлмөлөрдө 0,4 жана 0,8 катмарлуу бөлмөнүн бийиктигинде жайгаштырылат, андан сырткары чатырында коюлат. Өндүрүштүк чоң көлөмдөгү имараттар үчүн план боюнча чатырында, пайдубалдын деңгээлинде бир-бирине перпендикулярдуу жайгашкан түркүк түрүндө (колонналарда), имаратка жакын жайгашкан симметриялык октордо жайгаштырылат. Аспаптар эки эң четки чекиттерде, ортосунда, ошондой эле аралык чекиттерде коюлат.

2.11.таблицасы

ГБ-1У жана ГБ-1И Гальванометрлердин техникалык мүнөздөмөсү

| Гальванометрлердин белгилениши | Эркин термелүүнүн жыштыгы мм/м | Туруктуу ток *А* мА | Токко сезимдүүлүгү мм/м | Каршылыгы (Ом) ички | Каршылыгы (Ом) сырткы |
|---|---|---|---|---|---|
| ГБ.1У-А-2, ГВ-lV-А-3, ГБ-IV-В-I, ГБ-ГУ-Б-2 ГБ-1У-Б-3 ГБ-1У-Б-4 | 50 100<br>20 50<br>100 300 | 1,5-10-$^{8}$ 4-10-$^{8}$<br>1,5-10-$^{8}$ 6- 10-$^{8}$ 2,5- 10-' 3,2-10-$^{6}$ | 6700 2500<br>67000 16700<br>4000 313 | 10 10<br>170 170<br>170 170 | 87 34<br>4500<br>1700 800<br>80 |
| ГБ-III-I,<br>ГБ-П1-2 | 1,25<br>2,5 | 8- 10-»<br>1,5-10-$^{8}$ | 125 000<br>67000 | 27<br>60 | 450<br>3500 |
| ГБ-1П-3 | 5 | 2,2 -10 -$^{8}$ | 45000 | 130 | 5500 |

## 2.7. Изилдөөлөрдөн келип чыккан натыйжалардын аныктыгы.

Сейсмотуруктуулукту изилдөөдө имараттын инженердик анализдөө менен бирге эксперименталдык ыкмалары көбүрөөк тараган, алар төмөнкүлөрдү камтыйт; динамикалык күчтөрдүн негизинде имараттын натуралдык чоңдуктарынын өзгөрүүлөрүн изилдөө; имараттардын моделдеринин негизинде сейсмикалык күчтөрдү изилдөө; жер титирөөдө курулуштардын, имараттардын иштешин изилдөө. Бул жерде биз мүмкүн болгон эсептердин тактыгын аныктайбыз. Ал үчүн стохастикалык жана динамикалык эсеп ыкмалары менен аз кабаттуу имараттын моделин түзөбүз, ал

сейсмоплатформада изилдөө жүргүзүлөт (5.4сүр.). Модель сейсмоплатформа орнотулат. Пайдубалы эки темир пластикадан турат: астыңкы жагы сейсмоплатформага катуу бекитилген, үстүңкү бөлүгү сейсмооболоочу жабдыкта эркин жайгашкан. Үстүңкү бөлүгүнө 3мм-лик темир пластина орнотулат, ал 4мм-лик зымдан жасалган темир каркас бекитилген имараттын катуу дискин түзөт. Моделдин динамикалык изилдөөлөрүндө сейсмооболоочу тетик (жумшактык шарнири) катары алюминийден, жезден, коргошундан жазалган пластиналар колдонулат.

Сыноо учурунда модель менен платформанын кыймылы осцилографтар менен жазылып алынат. Сейсмоплатформаларда имараттын төрт массалык модели сыналды. Бул моделдин сыноосу кинематико – стохастикалык жана ыктымалдык ыкма эсептерин тактоо үчүн өткөрүлдү. Аз кабаттуу имараттардын моделдериндеги өткөрүлгөн сыноолорду жыйынтыгы алынган маалыматтар менен далилденген. Андан сырткары аз кабаттуу сейсмотуруктуу имараттарды долбоорлоо принциптерин жана инженердик анализдерин салыштыруу үчүн багытталган.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

# 3 БӨЛҮМ

# ТЕОРЕТИКАЛЫК ИЗИЛДӨӨДӨГҮ АЗ КАБАТТУУ ӨЗӨКТҮН ТЕРМЕЛҮҮСҮ

## ЖАНА ИЗИЛДӨӨНҮН ЫКМАЛАРЫ

### 3.1. өчпөөчү эркин термелүүнүн теңдемеси

Сейсмотуруктуулук теориясы курулуштардын динамикалык өз алдынча бөлүгүн түзөт, ал спецификалык маселелерди, изилдөө ыкмаларын мүнөздөйт. Бирок, бул жерде ошол эле терминдер жана аныктамалар колдонулат, муну баса белгилеп кетүү керек.

Сырткы күчтөрдүн чектетилишинен кийинки системанын термелүүсү өздүк же эркин термелүү деп аталат, анын формасы жана убактысы системанын өздүк параметрлерине көз каранды, б.а. анын массасына, катуулугуна, бекитилген түркүктөргө баш ийет.

Эгер системага сырткы күчтөр таасир этсе, анда ал мажбурланган деп аталат. Алар термелүүчү системага, сырткы таасирлерге көз каранды.

Реалдуу системада өздүк термелүүлөр системанын серпилгичтигинен, таасир этүүчү диссипативдик күчтөрдүн таасиринде өчүп калат (абанын каршылыгынан ж.б.). Бул термелүүлөр өчүүчү деп аталат. Синусоидалдуу (косинусоидалдуу) мыйзамы менен жүрүшү мүмкүн, алар гармониялык деп аталышат.

Термелүүнүн бир убакыттагы аткарган циклы периоду деп, ага тетирсинче, б.а. бир убакыттагы термелүүлөрдүн саны термелүү жыштыгы деп аталат. Термелүүчү чекиттин тең салмактуу абалынын максималдуу айырмасы термелүү амплитудасы деп аталат. Системанын массасынын калыбын жана термелүүсүн аныктоочу баш ийбес чоңдуктун санын эркин даражалуу саны деп аталат. Серпилгич өзөккө бекилген өчпөс термелүү массасын изилдесек (3.1сүр.) серпилгич күчтүн жана инерция күчүндө пайда болгон термелүү процессин 3.2 сүрөттө график менен көрсөтүлгөн. Биринчи чекит жылуунун максималдуу сол жагын көрсөтөт. Бул абалда серпилгич өзөктүн күч максималдуу деформациясына алып келет:

$$\mathbf{P_{уп} = -Kx_{max},} \qquad \mathbf{(3.1)}$$

бул жерде, $P_{уп}$ - ийилчээк күч; $x_{max}$ -массанын максималдуу жылышы; К – пропорционалдык коэффициенти. Инерция күчү нөлгө барабар болот, анткени массанын кыймылы токтойт, же болбосо массанын ылдамдануусу нөлгө барабар болот:

$$\mathbf{P_{и} = m\alpha = 0; \qquad \alpha = 0,} \qquad \mathbf{(3.2)}$$

бул жерде, $P_и$ –инерция күчү; m – массасы; α – массанын ылдамдануусу.




3.1. сүр. Массанын эркин өчпөс термелүүлөрү.

Өзөктө топтолгон ийилчээк күч, массанын статистикалык тең салмактуулук абалына алып келүүгө умтулат, б.а. масса ылдамдануу менен кыймылга аракеттенсе, анда анын ийилчээк күч азайа баштайт. 2чи чекиттеги бул абал массанын ылдамдануусунан пайда болгон инерциялык күч-серпилгич күчтүн азайусуна барабар болот:

Эгерде термелүүчү масса статистикалык тең салмактуулук абалда болсо, анда бул 3-чү чекиттеги – серпилүү күчү нөлгө барабар болот;

$\mathbf{P_{уп} = Kx_0 = 0;}$ $\mathbf{x_0 = 0,}$ **а**л эми инерциялык күчү болсо эң чоң көрсөткүчкө ээ:

$\mathbf{P_и = m\alpha_{max}.}$ Андан ары пайда болгон ылдамдануунун негизинде өзөк деформацияланат да, реактивдүү күч пайда болот, б.а. ийилчек күч жаралат. 4-чү чекиттеги инерциялык күчтүн азайуусу жана топтолгон ийилчек күчтөрү барабарланат;

$\mathbf{P_и = P_{уп};}$ $\mathbf{m\alpha_{ср} = -Kx_{ср}.}$ 5-чи чекиттеги массанын кыймылы токтойт, инерциялык күч нөлгө барабар болот:

$\mathbf{P_и = m\alpha_0 = 0;}$ $\mathbf{\alpha_0 = 0,}$ ал эми ийилчек күч эң чоң көрсөткүчкө барабар болот:

$\mathbf{P_{уп} = -Kx_{max}.}$ Андан ары бул процесс артка кайра кайталанат.

График боюнча термелүү күчтүн, инрциялык күчүнүн өзгөрүүсү, эркин өчпөс термелүү теңдемеси Пифагор теоремасы боюнча аныкталат:

$$\mathbf{P_{уп}^2 + P_и^2 = C^2}. \qquad (3.3)$$

$$P_и = P_{уп}; \qquad -Kx_{ср} = m\alpha_{ср}.$$




3.2.сүр. Термелүү процессинде пайда болгонсерпилгич күчтүн жана инерциялык күчтүн өзгөрүү графиги.

Жалпысынан айтканда, эркин өчпөс термелүү ийилчек күчтүн чоңдугунун өзгөрүүсү менен, инерциянын $\pi/2$ фазалык жылышы менен колдоого алынат. Ал жыйынтыктоочу күчтүн туруктуу чоңдугу болот.

Бул жерде, белгилүү болгондой эркин өчпөс термелүүнүн теңдемеси келип чыгат:

$$P_{уп} + P_и = 0, \qquad (3.4)$$

Ал туруктуу күчтүн таасиринде ишке ашат, туура эместиги (3.2) –теңдеме статика барабардык теңдемеси, ал эми ийилчек өзөктүн термелүүсү инерция күчүнүн $P_и$ серпилүү күчүнө $P_{уп}$ алмашуусунда пайда болот, б.а. (3.1) теңдеме боюнча.

## 3.2. Эркин өчүүчү термелүүнүн тендемеси

Эгер эркин термелүү төмөнкү теңдемеге баш ийсе,

$P^2_{уп} + P^2_и = C^2$, анда, массанын термелүүсүнүн прецесстерине негизделип түбөлүктүү (өчпөс) кыймылдаткыч жасасак болмок.

Чындыгында, массанын термелүү прцессинде ийилчек өзөктүн деформациясында энергиянын бир бөлүгү кур энергиясы турүндө (атомдун электрондук деформациясында) жок болот. Ошондуктан термелүүчү масса өз

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

калыбына кайтпайт, анын термелүүсү калыптанган акырындык кыймылы менен өчүп калат. Ал төмөнкүчө жүрөт.

1. массанын эркин термелүүсү, алга умтулуу кыймылы катары караса болот, анда массанын басып өткөн аралыгы төмөнкүчө аныкталат;

$$x_0 = \frac{(V_0 - \alpha t)^2}{2\alpha}, \qquad (3.5)$$

бул жерде Хо –массанын термелүүсүнүн максималдуу амплитудасы; Vo – массанын термелүүсүнүн максималдуу ылдамдыгы; $\alpha$ - тегиз таралган акырындык ылдамдануусу; t – убакыт.

2. массанын айлануу кыймылы косинустук мыйзам менен аныкталат, баштапкы таасир менен пайда болгон бүт термелүүлөр төмөнкүчө жүрөт: $\mathbf{x = x_0 \cos\omega t}$, бул жерде, Хо –термелүүнүн максималдуу амплитудасы; ω – ермелүү жыштыгы.

Эки теңдемени бириктирсек, анда төмөнкү өчүү термелүү теңдемеси келип чыгат:

$$x = \frac{(V_0 - \alpha t)^2}{2\alpha} \cos\omega t\,. \qquad (3.6)$$

Бул теңдеменин негизинде өчүүчү эркин термелүүнү мүнөздөсө болот.

Классикалык көз караш, эркин термелүүнүн каршылыгы термелүү ылдамдыгына пропорционалдуу, ал төмөнкүчө жүрөт

$$\frac{d^2x}{dt^2} + 2B\frac{dx}{dt} + \kappa^2 x = 0\,. \qquad (3.5)$$

Теңдеменин чечими төмөнкү мүнөзгө ээ;

$$\mathbf{x = ae^{-Bt}Sin(kt+\alpha).} \qquad (3.6)$$

$e^{-Bt}$- көбөйтүндүсү боюнча убакыт сайын термелүү амплитудасы азайат, б.а. «түбөлүктүү өчүүчү термелүү» аракеттенет, ал чындыгында байкалбайт. (3.4) теңдемеси боюнча, эгер $V_0 - \alpha t = 0$, б.а.$t = V_0 / \alpha$ мезгилинде термелүү токтойт.

## 3.3. Периодикалык күчтүн таасиринде аргасыз пайда болгон термелүүнүн теңдемеси

Массаныны аргасыз термелүүсүн карасак, ал чыйраткынын учуна бекилип, сырткы периодикалык күчтүн таасирине ээ. (3.3.сүр.). Системанын өздүк термелүү теңдемеси бир даражалуу эркиндикте термелүү амплитудасын мүнөздөйт, ал төмөнкү формула менен түшүндүрүлөт;

$$\mathbf{A_1(t) = A\cos\omega t,} \qquad (3.7)$$

бул жерде $A_1$–массанын термелүүсүнүн максималдуу амплитудасы, ω – массанын өздүк термелүү жыштыгы, t – убакыт, ал периодикалык күчтүн аракеттенген теңдемеси, таасир этүүчү ийиндин термелүү амплитудасынына өзгөрүсүн көрсөтөт:




3.3.сүр. Сырткы периодикалык күчтүн таасиринде чыйраткычтагы бекилген массанын аргасыз термелүүсү.

$$\mathbf{A_2(t) = A_2\cos\varphi t,} \qquad (3.8)$$

бул жерде $A_2$–аракет этүүчү ийиндин периодикалык күчү;φ–таасир этүүчү күчтүн периодикалык термелүү жыштыгы. (3.7) жана (3.8) теңдемелерин бириктирип ω = φ шартында, термелүүлөр дал келсе, анда төмөнкү формула келип чыгат;

$$\mathbf{A(t)=(A_2+A_1)\cos\omega t.} \qquad (3.9)$$

cosωt =1 болсо, теңдеменин эки жагын $A_2$ бөлүп, төмөнкү термелүү амплитудасынын экстремалдуу чоңдугун чыгырабыз;

$$\beta = \left(1 + \frac{A_1}{A_2}\right), \qquad (3.10)$$

бул жерде β – динамикалык коэффициент, ал таасир этүүчү күчтүн жана системанын өздүк аракетин термелүү амплитудасы аркылуу мүнөздөйт.

Динамикалык коэффициент термелүү жыштыгы аркылуу төмөнкү формула менен мүнөздөлөт;

$$\beta = \frac{1}{1 - \frac{\varphi^2}{\omega^2}},$$

(3.11)

Аргасыз термелүүнүн теңдемесинин негизинде

$$d^2x/dt^2 + \omega^2 x = S\cos\varphi t, \qquad (3.12)$$

бул жерде S – таасир этүүчү күч, ал абсурдка алып келет, б.а. $\varphi = \omega$, $\beta \to \infty$.

**Корутунду**

1. Эркин өчпөс термелүүлөр өзгөрүп жаткан серпилгич күчтүн чоңдугу жана инерциясы менен, ошондой эле $\pi/2$ фазлык жылуу менен колдоого ээ, анын жыйынтыктоочу күчү туруктуу чоңдукка ээ.
2. $x=ae^{-Bt}Sin(kt+\alpha)$теңдемеде $e^{-Bt}$көбөйтүндүүсү менен убакыт сайын термелүү амплитудасы азайат, б.а. «түбөлүк өчүүчү термелүү» аракеттенет, ал чындыгында далилденбейт. $x = \frac{(V_0 - \alpha t)^2}{2\alpha}\cos\omega t$, теңдемеси боюнча, эгер $V_0 - \alpha t = 0$, б.а.$t = V_0 / \alpha$ болсо термелүү токтойт.
3. Системаныны термелүүсүндөгү өздүк амплитудасы жана күчтүн аргасыз термелүүсүнүн амплитудасы аркылуу термелүүнүн динамикалык коэффициентин астында аныкталышы керек.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

# 4 БӨЛҮМ

# АЗ КАБАТТУУ ИМАРАТТАРДЫН СЕЙСМОТУРУКТУУЛУГУН БОЛЖОЛДОО (СТОХАСТИКАЛЫК) ЭСЕПТӨӨ ЫКМАЛАРЫ

## 4.1. Имараттардын сейсмотуруктуулугундагы жалпы динамикалык өнүгүү теориясы.

Акыркы жылдарда курулуштарга таасир этүүчү сейсмикалык күчтөрдүн божомолдоо, баалоо ыкмалары кандайдыр бир жетишкендиктерге ээ. Негизги бириктирүүчү ыкмалар –жер титирөө процессиндеги термелүүгө колдонулган жалпы ыкма болуп эсептелет, ал белгилүү функция менен аныкталбайт жана кээ бир статистикалык мыйзамдарга баш ийет.

Сейсмотуруктуулуктун динамикалык теориясын Япон окумуштуулары Н. Монобе ж.б./7/ иштеп чыккан. Алардын гипотезасы боюнча алар деформациялык касиетсиз курулуштардан баш тартып, ийилген касиеттерин эске алышкан.

Имараттын модели топтолгон m массалык система катары кабыл алынган, ал ийилчек байланышка негизделип катуулукка ээ. Негиздин $y_0(t)$ өз алдынча кыймылдагы термелүүсү төмөнкү дифференциалдык теңдеме менен мүнөздөлөт:

$$\mathbf{m\,\ddot{y}(t) - Ky(t) = -\,м\,\ddot{y}_0(t),} \qquad (4.1)$$

бул жерде, y(t) –топтолгон массанын аракеттинде негизге салыштырмалуу таасир эткен чекиттин жылуусу. Системага таасир этүүчү сейсмикалык күчтү төмөнкү формула аркылуу аныктайбыз

$$\mathbf{S\,(t) = м[\ddot{y}_0(t) + \ddot{y}(t)] = -\,Ky(t).} \qquad (4.2)$$

(4.1) теңдемесин чечүүдө жер бетинин термелүүсү То периоддагы гармоникалык мыйзам аркылуу жүрөт деп кабыл алынган, андан сырткары курулуштардын аргасыз термелүүсү эске алынган. Имаратка тура келген күчтүн эң чоң көрсөткүчүн эске алууда төмөнкү формула келип чыккан

$$\mathbf{S = \beta_1 K_C Q,} \qquad \mathbf{(4.3)}$$

